# УРУКТАГЫ КЕРЕМЕТТЕР

ХАРУН ЯХЬЯ (АДНАН ОКТАР)

Bu kitapta kullanılan ayetler, Ali Bulaç'ın hazırladığı "Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı" isimli mealden alınmıştır.

1. Baskı: Temmuz 2000 / 2. Baskı: Ağustos 2006

3. Baskı: Ağustos 2011 / 4. Baskı: Eylül 2014

**ARAŞTIRMA YAYINCILIK**

Kayışdağı Mah. Değirmen sokak No: 3

Ataşehir-İstanbul Tel: (0216) 660 00 59

**Baskı:** İklim Ofset

Litros Yolu Fatih İş Merkezi No: 280

Topkapı-İstanbul Tel: (0 212) 613 40 41

**www. harunyahya.org - www.harunyahya.net**

**www.a9.com.tr - www. harunyahya.tv**

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья деген атты колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлгөн. Башталгыч, орто мектепти жана лицейди Анкарада бүтүргөн. Андан соң Стамбулдагы Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университетинин Философия бөлүмүндө билим алган. 1980-жылдардан бери ыймандык, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектерди даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон тымызын байланыштарын ачып көрсөткөн абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 40000 сүрөттү камтыган жалпысы 55000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 73 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Курани Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (сав)дын болсо акыркы пайгамбар экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (сав) сүннөтүн өзүнө жол башчы кылууда. Ушундайча атеисттик философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууну максат кылууда. Абдан акылман жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (сав) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – бул Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, жана натыйжада адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыкты (Аллахты) тануучу системалардын негизсиз фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилдерге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окурмандары тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл менен жазылган, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын көрүшүүдө. Бул эмгектер ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана илимий далилдерге таянуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко

чыгарылды. Учурда бардык атеисттик, материалисттик агымдар Харун Яхьянын эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилди.

Күмөнсүз, мындай өзгөчөлүктөр Курандын терең мазмундуулугунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетин көздөйт. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашына шарт түзгөн, алардын туура жолду табышына көмөкчү болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуунун ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так натыйжа бербеген көнүмүш, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин жакшы натыйжага жетиши кыйын. Бул боюнча күмөн санагандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектериндеги негизги максаттын атеизм менен күрөшүү жана Куран адеп-ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасиринен, ийгиликтеринен жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулумдуктар жана баш аламандыктардын, мусулмандар тартып жаткан азаптардын негизги себебинин материалисттик көз-караштардын дүйнөдөгү өкүмчүлүгү экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн материализмди илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын көрсөтүү жана Куран адеп-ахлагын адамдарга жеткирүү зарыл. Зулумдуктар, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, 21-кылымда дүйнөдөгү бүт адамдардын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик менен тынчтыкка, чынчылдык менен адилеттүүлүккө, сулуулук менен бактылуулукка жетишине бир себепчи болмокчу.

# ОКУРМАНГА

✦Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы философиялардын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылууну жана натыйжада Аллахтын бар экендигин четке каккан дарвинизм 150 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

✦Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттарынын негизинде түшүндүрүлүп, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана Курандын негизинде жашоого үндөлөт. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси калбай тургандай так түшүндүрүлөт.

✦Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй тил менен жазылган бул китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динди жокко чыгарууга болгон күчүн жумшаган адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленип, четке кага албай келишүүдө.

✦Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешип окушса да болот. Бул китептерден пайдаланууну каалагандардын чогуу маектешип, тажрыйба жана пикирлери менен бөлүшүшү да пайдалуу болот.

✦Ошондой эле, бир гана Аллахтын ыраазылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышына жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

✦Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде кездешчү жазуучунун жекече ойлорун, күмөндүү булактарга таянган сөздөрүн, ыйык нерселерге болгон керектүү адепке туура келбеген, үмүтсүз, күмөн жаратуучу сөздөрдү жолуктурбайсыз.

# МАЗМУНУ


КИРИШҮҮ ..............................................................................................

УРУКТАГЫ СЫР .......................................................................................

УРУКТАРДЫН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА КАЛЫПТАНЫШЫ ....

УРУКТАРДАГЫ ДОЛБООР .......................................................................

УРУКТАРДЫН ТАРАТЫЛЫШЫ ..............................................................

ӨСҮМДҮКТӨРДҮН ЖАНА УРУКТАРДЫН ЧЫДАМКАЙЛЫГЫ........................................................................................

НЕГИЗГИ БАСКЫЧТАРДЫН БИРИ: ӨНҮҮ..........................

УРУК БИР ЖАРАТУУЧУ ТАРАБЫНАН ЖАРАТЫЛГАН ...

ЖЫЙЫНТЫК.............................................................................................

ЭВОЛЮЦИЯ ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ ............................................................

# КИРИШҮҮ

***Биз асмандан белгилүү өлчөмдө суу түшүрдүк жана аны жер жүзүндө жайгаштырдык; албетте, Биз аны (соолутуп) жок кылууга кудуреттүүбүз.***
***Ошентип, аны менен силерге курмалардан, жүзүмдөрдөн бакчалар-бактар өстүрдүк, ичинде көптөгөн жемиштер бар; силер алардан жейсиңер.***
***Жана (дагы көптөгөн) Тур-и Синада чыккан бир дарак (түрүн да жараттык); ал майлуу жана жегендерге бир катык боло турган түшүм берет. (Мүминун Сүрөсү, 18-20)***

Бакчаңыздагы мөмө дарактары, үйүңүздүн терезесинен көрүнгөн карагай токойу же унааңыз менен баратканда жолдун четинде өсүп турган чынарлар жөнүндө тереңирээк ойлонуп көрдүңүз беле? Бул өсүмдүктөрдүн кантип пайда боloорун, кандай баскычтардан өтүп бир даракка айланаарын билесизби? Же өсүмдүктөр сиз үчүн бир коoздук гана болуп саналабы? Же «болсо да болот, болбосо да» деп ойлойсузбу? Эгер минтип ойлосоңуз жаңылышасыз. Себеби кооз болуп көңүлүңүзгө жаккандан тышкары, дем алууңузга шарт түзгөн атмосферадагы тең салмактуулуктар, кычкылтектин жетиштүү көлөмдө болушу, ашыкча көмүр кычкыл газынан ууланбашыңыз, атмосферадагы нымдуулуктун адамды кыйнай турган деңгээлге көтөрүлбөшү, жашаган жериңиздеги абанын өтө суук же өтө ысык болбошу, башкача айтканда, эч кыйналбай өмүр сүрүшүңүздүн көп тарабы негизинен өсүмдүктөрдөн көз-каранды. Өсүмдүктөрдүн сизге пайдалары булар менен эле чектелбейт. Бүт организмдер сыяктуу, сиз дагы жашооңузга керектүү витаминдер менен минералдардын көп бөлүгүн өсүмдүктөрдөн аласыз.

Өсүмдүктөрдүн организмдердин жашоосуна таасир берген негизги өзгөчөлүктөрү, кантип фотосинтез жасап азык өндүрөөрү, топурактан алган заттарды кантип чоң дарактардын эң учундагы бутактарына чейин таратаары сыяктуу кереметтүү касиеттерин *«Өсүмдүктөрдөгү жаратылуу кереметтери» (Bitkilerdeki Yaratılış Mucizesi)* аттуу китепте терең караганбыз. Бул китепте болсо өсүмдүктөрдүн башка тарабы, уруктары жөнүндө сөз кылабыз.

Урук темасын бул китепте тереңирээк кароодогу максат адамдардагы көнүмүштүк пардасын ачуу болуп саналат. Ар бир адам урукту тааныйт, эмнеге окшошоорун билет, өсүмдүктөрдүн уруктардан өсүп чыгаарынан кабардар. Бирок кантип жыгачка окшогон бир нерседен бири-бирине окшогон, окшобогон ар түрдүү өсүмдүктөрдүн чыгаарын, бүт өсүмдүктөргө тиешелүү маалыматтардын кантип уруктарга жазылаарын, ал маалыматтардын кантип бир-бирден коддолоорун балким эч ойлонбогон чыгаар.

Кантип тактайга окшогон бир буюмдан кантынын өлчөмү эң туура белгиленген, жыты менен даамы өзгөчө болгон мөмөлөр чыгат? Даракты чыгарып, мөмөлөрдү даракка жайгаштырган урук өзүбү? Мөмөлөрдүн же гүлдөрдүн формасын, түсүн урук белгилейби? Дарак жөнүндөгү маалыматтарды эч кемин калтырбай ичиндеги эмбрионго урук өзү жазып койгонбу?

Мындай суроолор адамдын оюна эч келбеген болушу мүмкүн. Бирок адам бул суроолор жөнүндө бир саамга ойлонгондо, «бир урук дарак жасаганды кайдан билет?» деген суроонун жообуна да кызыгып баштайт. Тактайга окшогон бир буюм кантип жасаган дарагынын кандай форма жана түзүлүштө болоорун аныктай алат? Өзгөчө

ушул суроо абдан маанилүү. Себеби уруктан кандайдыр бир жыгач жыйындысы чыкпайт. Мисал катары миңдеген өсүмдүк түрлөрүнүн арасынан кандайдыр бир алма дарагын алалы. Алма дарагы, белгилүү болгондой, топуракка ташталган бир уруктан өсүп чыгат. Урук – кичинекей бир нерсе; бирок кандай болгону белгисиз, ал уруктун ичинен белгилүү бир убакыттан кийин узундугу 4-5 метр жана салмагы жүздөгөн килограмм болгон чоң бир дарак келип чыгат. Дарактагы алмалар атайын жылмалангандай болгон кабыктары, өзгөчө ароматы, ичиндеги канттуу суусу менен кемчиликсиз болушат. Уруктун өзүнө салыштырмалуу эбегейсиз чоң болгон бул даракты жасоодо колдоно турган материалы башында өзүнүн ичиндеги азык запасынан, андан соң болсо топурак менен күндүн нурунан гана турат.

Алма мисалынан да көрүнүп тургандай, уруктар ичинде транспорттук системасы, топурактагы заттарды сиңирүүгө керектүү тамырлары болгон жана абдан мыкты долбоорлонгон жандуу бир организмди жасайт. Адам дагы, ушунчалык акылы менен, дарактын сүрөтүн окшоштуруп тартууда да канча кыйналат; бир дарактын тамырлары менен бутактарындагы майда-чүйдөлөрдү тартуу болсо алда канча татаал бир жумуш. Ал эми урук болсо бул абдан комплекстүү организмди бүт системалары менен бирге, жандуу кылып жасайт.

Бул жерде урукту «жасайт» деп айтып жатабыз; бирок бир жагдайды эске салалы: уруктун өзүнчө бир акылы, аң-сезими жана эрки жок. Демек, дарактарды жана өсүмдүктөрдү бүт укмуштуу системалары менен бирге урук өзү иштеп чыккан деп айтууга болбойт. Эгер бирөө мындай көз-карашты айткан болсо, анда ал «урук абдан –ал тургай, адамдан да- акылдуу жана илимдүү бир нерсе» деген жыйынтыкка барышы керек. Албетте, мындай көз-караш чындыкка туура келбейт.

Мунун жообу болсо –китепте бүт далилдери менен каралгандай- төмөнкүчө: уруктун ичинде абдан улуу бир акыл жана абдан терең маалыматтар жашырылган. Бирок бул акыл менен маалыматтар, албетте, уруктун өзүнө тиешелүү эмес. Урукту түзгөн заттардын, молекулалардын, ал молекулалардын атомдорунун акылы жана илими бар деп айтканга болбойт, демек бул маалыматтар уруктун ичине кандайдыр бир жол менен жайгаштырылган. Андай болсо бул маалыматтарды ким жайгаштырган?

Адам мына ушинтип ойлонгондо өтө маанилүү чындыктарга жетет. Урук – өз алдынча эч нерсе жасай албаган, кургак, жансыз бир нерсе. Уруктарга бул маалыматтар өтө кудуреттүү бир Зат тарабынан жайгаштырылган. Теңдешсиз кудуреттүү бул Зат – Аллах. Уруктарды Аллах дарак жасай ала турган маалымат жана система менен жараткан. Топуракка ташталган ар бир урук Аллахтын илими менен курчалган; Анын илими менен чоңоюп өрчүп, өсүмдүккө айланат:

> **Кайыптын ачкычтары Анын Кабатында, Андан башка эч ким кайыпты билбейт. Кургактыкта жана деңиздеги бүт нерсени Ал билет. Анын кабары болбостон, бир жалбырак да түшпөйт; кара жер койнундагы бир даана дан болсун, бардык суулуу же кургак нерселер болсун (бардыгынын кабары) Анык китепте бар. (Энъам Сүрөсү, 59)**

# АКЫЛДУУ ПЛАН, башкача айтканда, ЖАРАТЫЛУУ

Китепте кез-кезде колдонулган «долбоор, план» сөздөрүнүн маанисин туура түшүнүү керек. Аллахтын бүт ааламды кемчиликсиз бир план (долбоор) менен жаратышы Раббибиз алгач план түзүп, анан жараткан деген мааниге келбейт. Асмандардын жана жердин Раббиси Аллах жаратуу үчүн кандайдыр бир «план» түзүүгө муктаж эмес. Аллахтын бир нерсенин планын, долбоорун түзүшү менен жаратышы бир учурда болот. Аллах мындай кемчиликтерден таза. Аллах бир нерсенин же бир иштин болушун кааласа, ага «Бол» деп айтышы гана жетиштүү болот. Куран аяттарында мындай деп айтылат:

**Бир нерсени каалаганда, Ал «Бол» деп гана буйрук берет; ал ошол замат болуп калат. (Йасин Сүрөсү, 82)**

**Асмандарды жана жерди (эч нерсени өрнөк албастан) жараткан. Ал бир иштин болушун чечсе, ага бир гана «Бол» деп айтат, ал ошол замат болуп калат. (Бакара Сүрөсү, 117)**

# 1- БӨЛҮМ
# УРУКТАГЫ СЫР

***Азыр эгип жаткан (урук)ту көрдүңөрбү? Аны силер өстүрөсүңөрбү, же өстүргөн Бизбизби? Эгер кааласак, чындыгында аны бир куураган чөп кылмакпыз; натыйжада таң калып-калмаксыңар.***
***(Вакыа Сүрөсү, 63-65)***

Төмөнкү сүрөттөрдү караңыз. Бир караганда кургак тактай бөлүктөрүнө окшогон бул нерселер эмнелер? Бул нерселерден жандуу бир организм чыгышы мүмкүнбү?

Бул сүрөттөрдү караган көп адамдар буларды мөмөнүн данектери же чырпыкка окшогон заттар, ал тургай, бир ыпыр-сыпыр деп да ойлогон болушу мүмкүн. Андай болсо, сиз кээ бирлер «ыпыр-сыпыр» деп ойлогон бул нерселерди алып, бакчаңыздагы же үйүңүздөгү бир гүл идишинин ичиндеги топуракка көмүп, белгилүү убакыт күтүңүз. Белгилүү убакыттан соң эмне болот деп кызыксаңыз, арткы бетти ачып караңыз жана жыйынтыкты көрүңүз.

Арткы беттеги сүрөттөрдөн көрүнүп тургандай, бул «кургак тактай бөлүктөрү» - уруктар. Жана бул уруктар ылайыктуу шарттар түзүлгөндө, өнүп чыгып ар кандай өсүмдүктөрдү пайда кылып таң калтырышат. Бул кичинекей, кургак нерселерди кайсы өзгөчөлүк бир тактай сыныгынан айырмалайт?

Уруктарды башка нерселерден айырмалоочу абдан маанилүү бир өзгөчөлүгү бар. Уруктарда ал тиешелүү болгон өсүмдүктүн ар бир бутагы, ар бир жалбырагы, ал жалбырактардын саны, формасынын кандай болоору, кабыгынын кандай түстө жана калыңдыкта болоору, азык жана суу ташыган түтүктөрүнүн эни (туурасы), саны, өсүмдүктүн узундугу, мөмө берип-бербеши, берсе ал мөмөлөрдүн даамы, жыты, формасы, түсү жөнүндөгү – кыскасы, бир өсүмдүк менен байланыштуу- бүт маалыматтар болот.

Урук жөнүндө эч нерсе билбесек жана бул затты биринчи жолу көрүп жатсак, эмне ишке жарай турганын да эч билбесек –сүрөттөн көрүнүп тургандай- уруктардын ичинен эч бири экинчисине окшобогон сансыз өсүмдүктөрдүн чыга алаарын, бул өсүмдүктөрдүн кээ бирлеринин бир канча метр бийиктикке жете алаарын болжоп биле алмак белек? Албетте, биле алмак эмеспиз.

Кургак тактай бөлүгүнө окшогон бир буюмдан жыпар жыттуу, түсү, формасы кооз болгон сансыз гүлдөр; ромашкалар, жоогазындар, азалиялар, каз тамактар, нарцисстер, розалар, бинапшалар (фиалка) чыгат деп ойломок эмеспиз. Ар түркүн мөмөлөрдүн шабдалынын, кокостун, алмуруттун, айванын, тыттын, өрүктүн ушул уруктардан чыккан дарактарда бышып жетилээрин; кичинекей кара, күрөң же сары нерселердин бүлдүркөндөрдү, апельсиндерди, мандариндерди, дарбыздарды, алчаларды, калемпирлерди, помидорлорду пайда кылаарын элестете да алмак эмеспиз.

Ошондуктан урук жөнүндө терең ойлонуу керек. Миллиондогон жылдан бери уруктардын ичинде өсүмдүктөргө тиешелүү бүт маалыматтардын сакталып келгенин жөнөкөй бир нерседей көрбөө керек. Бул жөнүндө ойлонгон адамдын түшүнүгү абдан өсүп, көп кубулуштарга болгон көз-карашы өзгөрөт. Муну

жакшыраак байкап түшүнүү үчүн адамдын өзүнүн жанындагы, мисалы үйүндөгү жашылча-жемиштер, гүлдөр, мөмө-чөмөлөр жөнүндө ойлонуп башташы жетиштүү болот.

Мисалы, бир урук дарбызга айланышы үчүн ага кандай маалыматтар керек, ойлонуп көрөлү. Бир тилим дарбызды колубузга алып карасак, абдан мыкты бир тартипти көрөбүз. Бул тартипти түзгөн маалыматтардын баары дарбыздын уруктарында болот. Дагы жакшылап караганыбызда дарбыздын уруктарынын ар биринин ичке бир байламта (жипче) менен суулуу бөлүккө туташтырылганын, уруктардын ичке бир кабык менен оролгонун көрөбүз. Бул кабыктын түзүлүшү жөнүндөгү маалымат дагы, дарбызды даамдуу кылган канттын өлчөмү, маңызы жана даамы жөнүндөгү маалыматтар дагы уруктарында болот. Мындан тышкары, дарбыздын кабыгындагы оймо-чиймелер, кабыктын калыңдыгы, бетиндеги момдуу түзүлүш жөнүндөгү маалыматтардын баары уруктарда коддолгон. Кабыкты түзгөн клеткаларга бир курулуш устасы да жасай албай турганчалык жылмакай бир кыртышты жасаткан маалымат да уруктарда болот.

Дүйнөнүн бүт тарабында дарбыздардын бирдей өзгөчөлүктө болушунун себеби да урукта сакталган ушул маалымат. Ошондуктан дүйнөнүн кайсы тарабына барбайлы, дарбыздын уруктарынан алып топуракка тиксек, белгилүү убакыттан кийин бир дарбыз өсүмдүгү өсүп чыгып, андан соң бул өсүмдүктүн үстүндө кичинекей дарбыздар пайда болуп, алар акырындап чоңоюп, чыныгы бир дарбызга айланганын көрөбүз.

Дагы бир мисал берели, жана ийне жалбырактуу бир дарактын өзгөчөлүктөрү менен чөл өсүмдүктөрүнүн өзгөчөлүктөрүнүн кээ бирлерин алып, салыштыралы.

Кышында жер тоңуп калганы үчүн дарактын тамырлары белгилүү убакыттан соң топурактан суу ала албай калат. Ошондой эле, кышында жамгыр абдан аз жаап, көбүнчө кар жаайт. Ошондуктан дарактар кыш мезгилиндеги кургакчылыкка чыдамкай болушу керек. Дарактарга мындай чыдамкайлыкты жалбырактары берет. Мисалы, көп ийне жалбырактуу дарактардын жалбырактары катуу бир тери сыяктуу болот жана түшпөйт. Жалбырактардын бетиндеги момдуу түзүлүш суунун бууланып чыгып кетүүсүн азайтат жана бул чыдамкайлык жалбырактардын түшүшүнө же суу басымынан улам өсүмдүктүн соолуп калышына бөгөт болот. Мындан тышкары, ийне жалбырактуу дарактардын жалбырактарынын көпчүлүгү ийне сымал болуп, тоңго карата да чыдамкай келет.

Ошондой эле, бул өсүмдүктөр жаз мезгилинде жаңы жалбырак ачканда энергия топтошот. Жана жалбырактардын чыдамкайлыгы да бул өсүмдүктөр үчүн маанилүү. Себеби бул өсүмдүктөр аба-ырайынын ар бир мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланып, фотосинтез жасап, азык жыйнашат. Жалбырагы түшпөгөн дарактардын формасы көбүнчө учтугуй (конус) формада болот жана мындан улам үстүлөрүнө көп кар турбай, бутактары салмактан сынбайт. Мындан тышкары, калган карлар даракты сууктан коргоп, жалбырактардан нымдуулуктун чыгышын азайтып, суу жоготуусуна бөгөт болот.[1]

Чөлдө жашаган бир өсүмдүк үчүн кургакчылык эң чоң коркунучтардын бири. Жаан-чачындын качан жаашынын белгисиз болушу, кум бороондору, күндүн ысыктыгы сыяктуу терс факторлор кадимки шарттарда өсүмдүктөрдүн тукум курут болушуна алып келиши мүмкүн. Бирок чөл өсүмдүктөрүн же кургак климаттарда өскөн башка өсүмдүктөрдү караганыбызда, аларды ошол шарттарга чыдамдуу кылган өзгөчө касиеттеринин бар экенин көрөбүз. Уруктарынын түзүлүшү, көбөйүү формалары ушундай шарттарда урпагын улантканга ыңгайлаштырылган.

Буга чөл өсүмдүктөрүнүн уруктарынын курамындагы кээ бир заттардан мисал келтирели. Көптөгөн чөл уруктарында алардын өнүп чыгышына жолтоо болуучу ар кандай заттар болот. Мисалы, *Sinapis alba* аттуу өсүмдүктүн мөмөлөрүндө уруктун өнүп чыгышына жолтоо болуучу «бластоцель» заты болот. Аризонадагы кээ бир чөл өсүмдүктөрү дагы курамындагы кээ бир заттардан улам көпкө созулган уйку периодунан кийин гана көчөт чыгарышат. Мисалы, *Lepidium lasiocarpum* аттуу өсүмдүк бир жылдан соң, *Streptanthus arizonicus* 26 айдан

соң өнүп чыкканга даяр болот. Бул заттардын болушунун мааниси өзгөчө кургакчылык мезгилинде даана көрүнөт.[2]

Бул эки өсүмдүктүн мисал келтирилген өзгөчөлүктөрүнүн баарынын маалыматы уруктун эмбрионунда бар дегенди билдирет. Жалбырактарын төкпөгөн өсүмдүктөр менен чөл өсүмдүктөрүнүн арасындагы ушул бир канча айырмачылык дагы өсүмдүктөрдүн уруктарынын ичинде канчалык көп жана терең маалыматтардын коддолгонун апачык көрсөтүүдө.

Розанын кызыл өңү, жалбырактарындагы ийилген жерлердин ар биринин кандай болоору, канча жалбырактуу болоору, жалбырактарынын жумшактыгы, баркыт сымал түзүлүшү, розага жыт берген заттардын өлчөмү, булардын баары – маалымат. Баклажанга сыя-кара түс берген, үстүн лактуу кабык менен орогон, ичине уруктарын тизген, сабын бекем кылган, сабынын ичиндеги транспорт түтүктөрүнүн узундугун аныктаган маалыматтардын баары эмбриондо жазылуу. Кургак таякка окшогон асма бутактарынан таттуу жана суулуу баштыкчаларга окшогон жүзүмдөрдү чыгарган да ушул маалымат. Жүзүмдүн кабыгын жаңгактын кабыгынан айырмалуу кылган, бул эки мөмөнүн түсүн, даамын, жытын, ичиндеги витаминдерин аныктаган, бирин суулуу бирин кургак кылган да уруктардын эмбриондорундагы маалыматтар.

Өсүмдүктөр алгач пайда болгондон бери урук аркылуу көбөйгөн түрлөрдүн баарында бул маалыматтар болуп келген. Бул жерге чейин айтылгандардан да көрүнүп тургандай, бул маалыматтар болбосо, ал өсүмдүк да болбойт. Бул жерде төмөнкүдөй суроо туулат:

Урукка бул маалыматтар ким тарабынан киргизилген?

Бул суроонун жообун китептин киришүү бөлүмүндө бергенбиз. Бирок бул жерде дагы бир жолу эске салуу туура болот. Бул кереметтүү маалыматтардын баарын уруктун ичине бүт нерсенин Жаратуучусу Аллах орноткон.

Кичинекей бир уруктун ичине мынчалык кереметтүү маалыматтын орнотулушу жана уруктардын башка өзгөчөлүктөрү ыймандуулар үчүн Аллахтын теңдешсиз жаратуу чеберчилигине мисал болот. Алардын ыйманынын бекемделишине, Раббибизге жакындашына себепчи болот. Аллах бүт нерсеге кудуреттүү экенин миңдеген беттик маалыматтарды кичинекей уруктарга орнотуу, теңдеши жок, ар түркүн өсүмдүктөрдү бул кичинекей нерселерден чыгаруу аркылуу бизге дагы бир жолу көрсөтүүдө. Уруктардан өсүмдүктөрдү чыгарган бир гана Аллах. Бул чындык Куран аяттарында төмөнкүчө айтылат:

> **Азыр эгип жаткан (урук)ту көрдүңөрбү? Аны силер өстүрөсүңөрбү, же өстүргөн Бизбизби? Эгер кааласак, чындыгында аны бир кууранган чөп кылмакпыз; натыйжада таң калып-калмаксыңар. (Вакыа Сүрөсү, 63-65)**

Башка бир аятта урукту жаратып, топурактын ичине түшкөндө аны жарып ичинен жаңы бир өсүмдүк чыгаргандын да Аллах экендиги төмөнкүчө кабар берилет:

> **Данекти жана урукту жаруучу – бул шексиз Аллах. Ал тирүүнү өлүүдөн чыгарат, өлүүнү болсо тирүүдөн чыгарат. Мына Аллах ушул. Андай болсо кантип бурулуп кетүүдөсүңөр? (Энъам Сүрөсү, 95)**

Чындык ушунчалык ачык көрүнүп турса да, муну түшүнө албаган адамдар жер жүзүндө дайыма болуп келген. Аллахтын бар экенин жокко чыгарган адамдар бул жаратуу кереметин көрмөксөн болуп, уруктун пайда болушун кокустуктар менен түшүндүрүүгө аракет кылышкан жана дагы эле аракет кылышууда. Бирок канчалык аракет кылышпасын, жыйынтык өзгөрбөйт. Акылдуу жана жүрөгү ак ар бир адам уруктагы кемчиликсиз түзүлүштөрдү жана ичиндеги кереметтүү маалыматты изилдегенде, мунун кокустан пайда боло албашын түшүнөт жана бир Жаратуучу тарабынан жаратылгандыгына күбө болот. Китептин кийинки бөлүмдөрүндө да каралгандай, уруктардагы тартип менен ичиндеги маалыматтардын өзүнөн-өзү пайда болушу эч мүмкүн эмес.

# 2- БӨЛҮМ
# УРУКТАРДЫН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА КАЛЫПТАНЫШЫ

***Көрбөй жатышабы; Биз сууну түшүмсүз жерге айдап, аны менен эгин өстүрүүдөбүз; андан малдары, өздөрү жеп жатышат? Дагы эле көрүшпөйбү? (Сажда Сүрөсү, 27)***

Айланаңызда көргөн бир канча метр узундуктагы дарактар, жыпар жыты менен ырахат тартуулаган гүлдөр, жашылча-жемиш, мөмө-чөмөлөр сыяктуу көптөгөн өсүмдүктөр башында урук болчу. Бул уруктар кандай этаптардан өтүп калыптанган?

Уруктун пайда болушунун биринчи этабы гүлдүү өсүмдүктөрдөгү чаңчаларды, башкача айтканда, эркек клеткаларын ташуу болуп саналат. Шамал, чымын-чиркейлер, жаныбарлар же башка кандайдыр бир жол менен сапар тарткан эркек көбөйүү клеткалары (чаңчалар) аягында гүлдөрдүн ургаачы көбөйүү органдарына жетет.

Гүлдөрдүн так ортосунда мөмө жалбырактарынан (энеликтерден) турган бир же бир канча ургаачы орган болот. Ар бир ургаачы органдын эң үстүңкү бөлүгүндө болсо бир урчук, анын астында урчукту кармаган бир моюнча жана эң астында урук долбоорлорун камтыган барсайган бир энелик без болот.

Эркек органдардан келген гүл чаңчалары үстү жабышчаак бир суюктук менен капталган урчукка конуп, андан соң моюнча аркылуу түбүндөгү энелик безге барышат. Бул жабышчаак суюктуктун абдан маанилүү бир кызматы бар: гүл чаңчалары моюнчанын астындагы энелик безге жетмейинче, ал жердеги урук долбоорлорун уруктандыра алышпайт. Бул жабышчаак суюктук гүл чаңчаларынын айланага чачылып, ысырап болушуна бөгөт болот.

Гүл чаңчалары урчуктун үстүнө конгон соң чоңоюп баштайт. Жетилген ар бир чаңчада эки сперма клеткасы болот. Өзүнө түрдөш бир гүлдүн урчугуна жабышкан чаңча тамырдай ичке бир түтүк чыгарып, ургаачы органдын моюнчасынан энелик безди көздөй созот. Түтүкчө узарып энелик безге жеткенде үзүлөт жана ичиндеги спермалар эркиндикке чыгат. Ошентип спермалардын бири энелик бездеги жумуртка клеткасы менен биригет. Бул келечекте урукту пайда кылат. Экинчи ядро болсо ошол эле урук долбоорундагы башка клеткалар менен биригип, уруктун өнүп чыгышына керектүү азык кампасын пайда кылат. Мына ушул кубулуш уруктануу (чаңдашуу) деп аталат. Уруктануудан белгилүү убакыт өткөн соң урук пайда болот.

Уруктануудан соң пайда болгон ар бир урукта бир өсүмдүк эмбриону менен бир азык кампасы болот. Өсүмдүк жөнүндө башынан бери айтылган маалыматтардын баары ушул эмбриондо орун алат; башкача айтканда, эмбрион өзүндө өсүмдүктүн кичинекей бир копиясын алып жүрөт. Азык кампасы болсо өсүмдүк өз азыгын өндүрө турган деңгээлге жеткенге чейин эмбрионду чоңойтот.

# Уруктардагы азык кампасынын өзгөчөлүктөрү

Уруктардагы эмбриондун жанындагы азык камы абдан маанилүү. Себеби урук абалындагы бир өсүмдүктүн фотосинтез жасай турган жалбырагы жана топурактан азык ала турган тамырлары жок. Топурактын үстүнө чыга турган бир көчөткө айланганга чейин урук өзүндөгү ушул азыкты колдонушу керек болот. Ошондуктан азык камы уруктун өнүп жетилишине жетиштүү көлөмдө болушу зарыл.

Бул жерде кереметтүү бир жагдайга күбө болобуз. Ар бир өсүмдүктүн уругунда дал ага керектүү көлөмдө азык сакталат. Көп убакытка өнбөй чыдоо керек болгон уруктардын (мисалы, кокостун уруктары) ичиндеги азыктын көлөмү менен сууга түшкөндөн кыска убакыттан кийин өнүп баштаган уруктардын (коон, дарбыз ж.б.) ичиндеги азыктын көлөмү бирдей болбойт. Ошондой эле, уруктануудан (чаңдашуу) кийин урук калыптанып жатканда, өсүмдүктүн түрүнө жараша кайсы заттардын кампага коюлаары да белгилүү. Уруктарда көбүнчө крахмал менен белок, кээде болсо буларга кошумча кант менен май да урукта азык катары кампага коюлат. Бул заттардан крахмал сөзсүз керек, себеби урукка керектүү негизги энергияны крахмал берет. Кампага коюлган белоктор болсо өсүмдүккө керектүү башка белокторду жасоодо зарыл болгон аминокислоталарды пайда кылат.[3]

Эми бул жерде бир саамга ойлонолу. Бул азыктын көлөмү менен курамын ким жөнгө салат? Муну урук жөнгө сала албайт, себеби али урук калыптана элек болот, бул урук пайда боло электе белгиленет. Анда өсүмдүк уруктун кандай этаптардан өтүп, канча убакыттан кийин уруктана алаарын аныктап, азыктын өлчөмүн өзү белгилейби? Мындай ыктымалдыкты кабыл алуу үчүн «өсүмдүктүн өзүнүн акылы жана аң-сезими бар, келечекти пландай алат, өзүнөн көз-карандысыз окуялардан кабардар» деген пикирлерди жана дагы ушул сыяктуу көптөгөн логикасыз көз-караштарды кабыл алуу керек болот. Албетте, акыл жана логикага таянган бир адам муну кабыл ала албайт.

Демек, бул жерде апачык бир чындык көрүнүп турат: ар бир өсүмдүктүн уругунун ичине дал керектүү өлчөмдөгү азыкты бүт өсүмдүктөрдүн жана алардын уруктануу этаптарынын, системаларынын Жаратуучусу Аллах салып койгон.

# Уруктардагы азык заттарынын мааниси

Уруктануудан (чаңдашуу) соң урук калыптанып жатканда өсүмдүктүн түрүнө жараша крахмал жана белок менен бирге кант менен май да уруктун кампасына азык катары салынат. Крахмал урукка керектүү энергиянын негизги булагы болуп берет. Кампадагы белоктор болсо өсүмдүккө керектүү башка белокторду жасоодо эмбрионго зарыл болгон аминокислоталарды берет. Бирок эмбрион белоктор менен крахмалды сиңирип, аларды өз ичинде бир жерге жылдыра алышы үчүн сууда ээрибей турган бул белок менен крахмалдар химиялык жактан майдаланып, сууда ээрий турган майда бөлүктөргө бөлүнүшү керек болот. Кийинки бөлүмдөрдө каралгандай, урук бул муктаждыкты чече турган бир система менен бирге жаратылган.[4] Урук өнүп-өсүп бир өсүмдүккө айланышы үчүн сөзсүз зарыл болгон азык кампасынын болушу бир эле өсүмдүктөр үчүн маанилүү эмес. Уруктардагы бул азыктандыргыч заттар адамдар үчүн да, жаныбарлар үчүн да зор мааниге ээ. Мисалы, буудай, жүгөрү, күрүч, арпа, кара буудай, сулу, таруу, кара күрүч, боб (буурчак) өсүмдүктөрү (буурчак, фасоль, соя, вигна, жер жаңгак) жана кабыктуу жемиштер (Бразилия жаңгактары, кокос, жаңгак, бадам сыяктуу) ичинде азыктандыргыч заттарды камтыган уруктардан. Көбүнчө уруктарда башка заттарга салыштырмалуу кант азыраак болот. Таттуу жүгөрү, каштан, бадам, жер жаңгак жана буурчак (нокот) сыяктуу уруктар болсо башкаларга салыштырмалуу кампасына көбүрөөк кант топтогон уруктардан болуп эсептелет.

Кампасына май топтогон уруктарда май уруктар калыптанып жатканда тездик менен көбөйөт. Уруктардан алынган майлардын кээ бирлери зыгыр, пахта, соя, зайтун, жер жаңгак, кастор уругу, кокос, кунжут жана курма өсүмдүктөрүнөн алынат. Бул майлар азык катары колдонулуудан тышкары, бойок, лак, клеенка, сыя, самын жана изоляция материалдарын жасоодо да колдонулууда.[5]

Бул мисалдардан көрүнүп тургандай, адамдын өмүрү жана ден-соолугу түздөн-түз же кыйыр түрдө уруктардан көз-каранды. Клетчаткасы (целлюлозасы) көп азыктар, курчутмалар (специя), суусундуктар, азык катары жана өнөр-жайда колдонулган майлар, витаминдер жана дары-дармектер адамдар уруктардан пайдаланган тармактардын бир канчасы гана.

# Уруктардагы минерал жана витаминдер

Кургак уруктардын көпчүлүгүнүн азыктык баалуулугу абдан жогору. Алардан ашкабактын уругу, кунжут жана күн караманын данектеринде дан өсүмдүктөрүнүн уруктарына караганда көбүрөөк белок болот. Мисалы, ашкабактын уруктарынын 30%дан ашууну белоктон турат. Е витаминине бай болгон бул уруктардын салмагынын жарымынан көбү майдан турат. Мунун көпчүлүгү (80%дан көбү) артериосклероздон коргоочу майлар, биздин негизги май кислоталарыбыз жана майда ээрүүчү витаминдерден А, D жана Е витаминдери. Уруктарда В витамини да болот, бирок анын өлчөмү уруктун түрүнө жараша өзгөрөт.[6]

Мындан тышкары, уруктар минералдарга да абдан бай. Мисалы, ичинде көп өлчөмдө темир жана цинк бар. Өзгөчө ашкабактын уруктарында магний да көп. Ошондой эле, көп уруктар жезге бай. Уруктарда кальций, калий жана фосфордун өлчөмү да абдан жогору, аз санда натрий болот. Көп уруктарда йод да кездешет.

Ашкабактын уруктарында цинк концентраты бар. Бул касиетинен улам ар кандай ооруларды дарылоодо колдонулат. Мындан тышкары, ашкабактын уруктары кальций, фосфор жана темирге да бай. Ошондой эле, курамында Е витамини жана негизги май кислоталары бар. Уруктарында В витаминдеринин аралашмасы бар, алардын арасында эң көбү ниацин.

Кунжут уруктары дүйнөдө эң көп колдонулган уруктар. Бул уруктарда май көп (майлуулук деңгээли 55%дан жогору). Кунжут уруктарынын курамында болжол менен 20% белок, кээ бир А жана Е витаминдери, В12 жана фолий кычкылдыгынан тышкары В витаминдеринин көпчүлүгү бар. Көп уруктар сыяктуу кунжут уруктары да минералдарга бай. Кальций, жез, магний, фосфор жана калий сыяктуу цинк менен темир да көп. Кунжут уруктары кальцийдин мыкты бир булагы. Ошондой эле, көп уруктар сыяктуу фосфорго да бай. Кунжут уруктары курамындагы Е витамини же башка факторлордон улам мелүүн бир антиоксидант таасирге ээ.[7]

Чийки күн карама данектери (семечкалар) куурулганына жана туздууларына караганда азыктык баалуулугу жогору болуп эсептелет. Кан басымында көйгөйү барлар үчүн күн карама данектери калийге бай, натрийи аз. Күн караманын данектериндеги май (артериосклероздон коргоочу майлар сыяктуу), негизги линолдук (линолевая) кислота жана Е витамини холестерол деңгээлин төмөндөтүү жана жүрөк-кан-тамыр ооруларынын алдын алууда абдан натыйжалуу. Күн караманын данектери болжол менен 25% белоктон туруп, жипчелүү болушат, В витаминине бай. Курамында көп өлчөмдө калий, аз өлчөмдө натрий жана ар кандай деңгээлде цинк, темир жана кальций бар. Күн караманын данектери минералга бай. Жез, марганец жана фосфор да абдан көп, мындан тышкары, магний да бар.[8]

Бул бир канча мисалдан да көрүнүп тургандай, Аллах уруктарды себепчи кылып адамдарга көп тараптан ырыскы берүүдө. Бул жагынан уруктар өсүмдүктөрдүн өсүшүнүн бир себепчиси гана эмес, шүгүр кылуу керек болгон Аллахтын сый-жакшылыктарынын бири дагы болуп саналат.

**Силерге Аллах ырыскы кылып берген адал (жана) таза нерселерден жегиле жана эгер жалгыз Ага гана ибадат кылчу болсоңор, Аллахтын нематтарына (жакшылыктарына) шүгүр кылгыла. (Нахл Сүрөсү, 114)**

# 3- БӨЛҮМ
# УРУКТАРДАГЫ ДОЛБООР

***Ал асмандарды түркүксүз жараткан, муну көрүп турасыңар. Жерде болсо силерди чайпалтпасын деп чайпалбас тоолорду койду жана ал жерде ар бир жандыкты көбөйтүп жайды. Биз асмандан суу түшүрдүк, муну менен жерде ар бир сонун жуптан бир өсүмдүк өстүрдүк. (Локман Сүрөсү, 10)***

Уруктар түзүлүшү жагынан, мурдакы бөлүмдө да айтылгандай, бир урук кабыгы, азык кампасы жана эмбриондон турат. Бирок жалпы түзүлүшү окшош болгону менен, ар бир уруктун азык кампасынын көлөмү, урукту коргоочу кабыктын түрү, калыңдыгы, сыртынан ороп турган мөмөнүн формасы, мөмөсүнүн даамы бири-биринен абдан айырмаланат. Уруктардын кабыгынын формасы, түсү, материалынын түрү сыяктуу бүт өзгөчөлүктөрү өсүмдүктүн жашаган чөйрөсүнө жана түрүнө карап өзгөрөт.

Бул жагынан караганда бүт уруктар өзүнчө бир жаратуу керемети болуп саналат. Эми уруктардагы айырмачылыктарга мисал келтирели. Өрүктө бир данек, б.а. бир даана урук болот жана ал катуу кабыктын ичинде абдан мыкты корголот. Мөмөсү болсо канттуу жана аны жегенге болот. Бул бөлүгү адамдардан тышкары, канаттуулар, кемирүүчүлөр, курт-кумурска, чымын-чиркейлер жана башка жаныбарлар үчүн да мыкты бир азык болуп саналат. Мөмөнүн мындай эки бөлүктөн турушу өсүмдүк үчүн да жакшы бир мүмкүнчүлүк. Себеби мөмө бөлүгүн жеген соң өрүктүн ортосунан катуу бир данек, б.а. урук чыгат. Жана урук ыңгайлуу бир жерде өнүп, жаңы бир даракка айлануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Дагы бир мисал катары кивини берели. Киви өрүктөн айырмаланып, ичиндеги данектери (уруктары) да желе турган бир мөмө. Ошондуктан кивинин бир эмес, көп санда майда уруктары бар. Кивидеги сыяктуу топ-топ болгон уруктар көбүнчө майда болот, бирок чогуу жана көп санда болгондуктан, мөмөнүн бир бөлүгүн жешсе дагы, өсүмдүккө айлануу ыктымалдыгы көбүрөөк болуп саналат.

Кургак мөмөлөр болсо көбүнчө уруктун корголушунда жана тарашында маанилүү бир роль ойногон архитектуралык түзүлүштөр менен коздолгон. Буга мисал катары төө тикендин төбөсүндөгү чачыны берүүгө болот. Бул кичинекей парашюттар, кийинки бөлүмдөрдө тереӊ каралгандай, баалуу жүктөрүн (көбөйүү клеткаларын) аба аркылуу алыс жерлерге жеткирүү кызматын аткарат.

Кургак мөмөлөрдөн көп уруктуулар уруктарын таратуу үчүн ачылышат. Өнүү учурунда уруктар бири-бирине жакындап тыгылышат жана бири-бирин жакшылап кысышат. Мындай мөмөлөр өзүнөн-өзү ачылуучу мөмөлөр деп аталат. Буларда уруктун кабыгы калың жана бекем болот, себеби эмбрион менен азык кампасын ушул кабык коргойт. Бул түрдүн уруктарынын түсү, формасы жана тканы ар түрдүү болот жана канаттар, чачылар, ичке кабыкча сыяктуу ар кандай бөлүктөрдөн турат.

Көп уруктуу кургак мөмөлөрдүн абдан көп түрү бар. Капсулалар, баштыкчалар, гранулалар ж.б. сыяктуу мөмө түрлөрү бар. Булардын кээ бир мисалдары төмөнкүлөр:

*Montbretia*'нын капсуласы жалтырак кызгылт сары түстөгү үчтөн тоголок уруктары болот. Уруктарын айланага чачуу үчүн шамалдын аны кыймылдатышын же кандайдыр бир жандыктын ал жерден өтүшүн күтөт.[9]

Боб (буурчак) өсүмдүктөрү болсо бүртүктүү мөмөлөрдөн турган абдан кеңири тараган бир өсүмдүк түрү болуп саналат. Ар бир түрдүн формасы жана өзгөчөлүктөрү ар кандай. Мисалы, нокоттун бүртүктөрү бир катарга абдан тартиптүү тизилген. *Colutea arborescens* болсо ичи абага толуп, шишип турат жана үн чыгарып жарылат. Бул өсүмдүктөрдүн эң кызыктуусу болсо мимоза өсүмдүгүнүн (*Mimosa pigra*) укмуштуу бүртүктөрү (уруктары). Буларда ар бири ичинде бирден урук сактай турган түкчөлүү тикендерге окшогон формалар пайда болот.[10]

Булар өсүмдүктөрдүн уруктарындагы функционалдык түзүлүштөр жөнүндөгү мисалдардын бир канчасы гана. Ар бир өсүмдүк түрүнүн урук түзүлүшүнүн ар түрдүү болоорун ойлогонубузда, өсүмдүктөр дүйнөсүндө канчалаган кемчиликсиз түзүлүштөр бар экенин түшүнөбүз.

# Уруктардын тонундагы атайын заттар

Уруктардын түзүлүшүнөн тышкары, тондору да өз муктаждыктарына ылайык жаратылган.

Уруктун ичиндеги эмбрион абдан баалуу. Ошондуктан жаңы өсүмдүк толук жетилгенге чейин бул эмбрион абдан кылдат корголушу керек. Мындай коргоо кызматын уруктардын тондору аткарат. Уруктун сырткы чөйрөнүн терс таасирлеринен коргонуу деңгээли тонду түзгөн заттын чыдамкайлыгынан көз-каранды. Ошондой эле, тондун курамындагы заттар уруктардын суу бетинде тура алышында же шамал менен учушунда да роль ойнойт.

Уруктардын сырткы тондорунун абдан көп түрлөрү жана өзгөчөлүктөрү бар. Кээ бир сырткы тондор душмандарды качыруу үчүн ачуу бир зат менен оролгон. Кээ бирлери болсо «танин» аттуу бир затка бай болот; бул зат уруктардын чиришин чектейт. Көп өсүмдүк түрлөрүнүн уруктарында болсо тондор бир килкилдек зат менен оролгон. Белоктор менен бириккен комплекстүү канттардан турган бул килкилдек зат суу тийгенде шишип чыгат. Натыйжада урук нымдуу заттардын бетине оңой эле жабыша алат. Бул касиети, алдыда каралгандай, өнүү учурунда зор роль ойнойт.[11]

Уруктардын коргоочу сырткы кабаттары (тондору) көбүнчө абдан катуу болот. Бул өзгөчөлүк урукту сырткы факторлордон коргойт. Мисалы, кээ бир уруктардын калыптанышынын акыркы этабында сырткы беттеринде бекем бир мом сымал зат чогулат, бул уруктарды суунун жана газдын таасиринен коргойт.[12] Уруктардын тондорунун материалы өсүмдүктүн түрүнө жараша өзгөрөт; фасольдогу сыяктуу ичке бир кабык менен же чиенин (вишня) данегиндеги сыяктуу жыгач сымал, катуу бир кабык менен оролгон болушу да мүмкүн. Сууга чыдамкай болушу талап кылынган уруктардын кабыктары башкаларга салыштырмалуу катуураак жана калыңыраак болот.

Уруктардагы укмуш тартипке күнүмдүк жашоодо көп кездешкен бир өсүмдүктөн, фасольдон мисал келтирели: фасоль уругу түрүнө жараша бир же эки тон менен оролгон. Бул тондор пальтодой болуп урукту сырткы чөйрөнүн суук аба, кургакчылык, механикалык таасирлер сыяктуу оор шарттарынан коргойт. Бул жер ошол эле учурда сырткы чөйрө менен болгон бүт зат алмашуулардын ишке ашуу аймагы болуп саналат. Кыскасы, уруктун чоңоюшунда бул тон маанилүү бир роль ойнойт.

Фасоль уругунун үзүлүп алынган жеринде сүйрү бир из көрөбүз. Бул уруктун эне өсүмдүккө болгон байланыш чекити. Жакшылап караганда ал жерде «микропиле» деген кичинекей бир тешик бар экенин көрөбүз. Бул тешикти аткарган кызматы жагынан наристелердин киндигине салыштырууга болот. Бул атайын каналдан энелик бездин ичиндеги энелик клетканы уруктандыруучу түтүкчө кирет. Ошондой эле, учуру келгенде суу бул тешиктен кирип, уруктун өнүшүнө шарт түзөт.[13]

Уруктардын тондорунун калыңдыгы да, жогоруда да айтылгандай, өсүмдүктүн түрүнө жараша атайын белгиленген. Ар бир өсүмдүктүн уругунун кабыгы өз чөйрөсүндө өнүп чыгышына мүмкүнчүлүк бере тургандай деңгээлде болот; өтө калың да, өтө ичке да эмес. Себеби кабыгы абдан калың болгон бир урук бүт оор шарттарда жашай алат; бирок мунун бир терс тарабы бар: кабыктын ашыкча калың болушу эмбриондун сыртка чыгышында кээ бир маселелерди жаратышы мүмкүн. Кабыгы жука бир урук болсо көптөгөн сырткы факторлордон улам бат бузулуп кетиши ыктымал. Ошондуктан бүт уруктардын кабыгынын калыңдыгы өз чөйрөсүнө эң ылайыктуу жаратылган.

Мындан тышкары, өсүмдүктөрдүн уруктарынын түзүлүшүн анализ кылганда дагы бир нерсени көрөбүз. Жаныбарлар аркылуу тараган уруктарда ал жаныбарларды кызыктыруу үчүн уруктардын кабыктары оңой тешиле турган өзгөчөлүктө болот. Бирок ошол эле учурда бул кабыктар бүт урук жегичтерди кызыктырбай турган түзүлүштө болушат.[14]

Бул жерге чейин айтылгандардан да апачык көрүнүп тургандай, сырткы көрүнүшү жөнөкөйдөй көрүнгөн уруктардын түзүлүшү негизи абдан пландуу болот. Бүт уруктардын ичиндеги заттардын өлчөмү, курамы, коргоочу кабыктары сыяктуу өзгөчөлүктөрү айлана-чөйрөсүнө жана климат шарттарына жараша ар кандай болууда. Мынчалык түрдүү түрдүү өзгөчөлүктөр кантип пайда болгон?

Бул суроонун жообун эволюция теориясын жактаган китептерден издегенде, кызыктуу бир нерсени байкайбыз. Эволюционисттер «эмне үчүн?», «кантип?» деген сыяктуу суроолорго жооп берүүнүн ордуна, бүдөмүк сөздөрдү, көз бойомой ыкмаларды колдонушат. Уруктардын кабыктары жөнүндө *Evolution* аттуу эволюционист бир китепте жазылган сөздөрдү карайлы.

> Уруктун кабыгы ар кандай жаныбарлардын азуу тиштерине, ичеги кислоталарына жана ферменттерге, кычкылтексиз атмосферага чыдай турганчалык бекем болот. Ошондой эле, бул урук кабыгы керек учурда өнгөнгө ылайыктуу шарттар түзүлгөнгө чейин эмбрионду абадан, туура эмес өнүшүнө алып келе турган себептерден жана урук жечү жаныбарлардан коргошу үчүн эволюциялык жактан дизайн кылынган.[15]

Көңүл бурулган болсо, бул жерде уруктардын кемчиликсиз түзүлүшүндөгү таң калыштуу өзгөчөлүктөрдүн кээ бирлери саналып өткөн соң, аягында «эволюциялык дизайн» деген сөз колдонулуп, уруктарды эволюция аркылуу пайда болгон деп көрсөтүүгө аракет кылынууда. Бирок, албетте, бул абзац «уруктар кантип пайда болгон» деген суроого жооп берүүдөн абдан алыс. Себеби бул жерде негизи уруктардагы кемчиликсиз план жөнүндө сөз болууда. Аягына кошуп коюлган «эволюциялык жактан дизайн кылынган» деген сүйлөмдүн болсо чындыгында эч кандай мааниси жок.

Ошондой эле, бул сүйлөмдүн өзүнүн ичинде да карама-каршылыктар бар. Себеби «эволюция» менен «дизайн» түшүнүктөрү бири-бирине толугу менен карама-каршы түшүнүктөр, жана эволюция бир дизайнды пайда кылып, бир нерсенин долбоорун түзө албайт. Анткени эволюция кокустуктарга таянган бир процессти жактайт; «дизайн», б.а. «долбоор» түшүнүгү болсо анын артында бир акыл бар деген мааниге келет. Ошондуктан бир жерде бир дизайн бар болсо, бул эволюция, кокустук сыяктуу түшүнүктөрдүн ага эч бир таасири жок экенин көрсөтөт. Жаныбарлардагы жана бул китепте каралып жаткан уруктардагы түзүлүштөр дагы алардын эволюциянын эмес, улуу бир акылдын чыгармасы экендигинин апачык далили.

Муну жакшыраак түшүнүү үчүн төмөнкүдөй бир мисал карайлы. Бир күнү бир сүрөт галереясына барып, ал жерде салондун бүт тарабына асылган уруктардын сүрөттөрүн көрдүңүз дейли. Ар бир сүрөттө ар кайсы өсүмдүктүн уругунун сүрөтү тартылган болсун. Галереянын ээсинен бул түрдүү түрдүү сүрөттөрдү ким тарткан деп сурадыңыз дейли. Эгер ал киши сизге «бул сүрөттөрдүн бир сүрөтчүсү жок, булар кокустуктардын натыйжасында эволюциялык жактан дизайн кылынган» десе кандай ойго келмексиз? Албетте, бул жооптун абдан логикасыз жана акылга сыйбай турганын түшүнүп, буларды тарткан сөзсүз бир сүрөтчү бар деп талашмаксыз.

Жансыз урук сүрөттөрүнүн эволюция тарабынан дизайн кылынганына ишене албаган сыяктуу эле, демек толугу менен жандуу түзүлүштөгү, ичинде бир өсүмдүккө тиешелүү бүт маалыматтарды камтыган, ылайыктуу шартта өнүп чоң дарактарды, жүз миңдеген түрдүү мөмөнү, гүлдү пайда кылган уруктарды аң-сезимсиз кокустуктардын пайда кылганына да ишене албайсыз. Көрүнүп тургандай, бул жерде негизи бул дизайнды ким жасаган, кантип жасаган, өсүмдүк бул дизайнга кантип алып келинген жана бул маалыматтар кантип киргизилген деген сыяктуу суроолорго жооп берүү керек.

Жыйынтыктасак, уруктардын түзүлүшүндө эволюционисттердин кокустук көз-карашы эч түшүндүрө албай турган апачык бир план бар. Албетте, бул план аң-сезимсиз кокустуктардын натыйжасында же башка кандайдыр бир себеп менен пайда болгон эмес. Ар бир сүрөттүн бир сүрөтчүсү болгон сыяктуу, уруктарды да чексиз акылдын жана улуу кудуреттин ээси Аллах жараткан. Өсүмдүктөрдөгү түзүлүштөрдүн ар бир баскычында көрүнүп турган бул акыл алардын улуу кудуреттүү Аллах тарабынан жаратылгандыгынын апачык бир далили.

**Силер үчүн асмандан сууну Ал түшүрөт; андан ичесиңер, айбандарыңарды оттоткон чөп-дарактар ошонон (өсөт). Аны менен силер үчүн эгин, зайтун, курма бактары, жүзүмдөр жана мөмөлөрдүн ар кандай түрүнөн өстүрөт. Күмөнсүз, мында ойлоно алган бир коом үчүн аяттар бар. (Нахл Сүрөсү, 10-11)**

# Уруктардын ар кандай чоңдукта болушунун маанилүү себептери бар

Ар бир өсүмдүктүн уругу ар кандай чоңдукта болот. Мисалы, суу аркылуу узун жол жүргөн кокостор эң чоң уруктардын катарына кирет. Бул чоңдук кокосторго узун сапарына жете турганчалык азык топтоо мүмкүнчүлүгүн берет.

Орхидеялардын уругу болсо абдан кичинекей болот. Орхидеялар топурак, күндүн нуру жана нымдуулук алар үчүн толук ыңгайлуу болгон шарттарда гана өсө алчу, назик өсүмдүктөр. Ошондуктан орхидеялар шамал менен оңой учушу үчүн майда жана эң ыңгайлуу жерге тарашы үчүн көп санда урук алышат. Бир орхидея гүлү миллиондогон урук чыгара алат.[16] Көрүнүп тургандай, уруктардын чоңдугу дагы өсүмдүктөрдөгү башка өзгөчөлүктөр сыяктуу бир план менен белгиленген.

Сүрөттөгү бук дарагынын уруктары күздүн аягына жакын тарайт жана айланада учуп башташат. Көлөмү 0,5 см болгон бул кичинекей уруктар каерде күндүн нуру жетиштүү болсо, ошол жерде чоңоюшат.

Тропикалык токойлордо абдан чоң көлөмдүү уруктар жетилет. Сүрөттө көрсөтүлгөн Mommay булардын бири. Mommay уруктарынын чоңдугу көбүнчө 5 см болот. Бул уруктардын өзгөчөлүгү тамырлары оңой өсүп кургак жерлерде өнүшүнө шарт түзөт. Бул болсо уруктун кургакчылыктан куурап калуу рискин азайтат.[17]

**Ал асмандан суу түшүрөт. Муну менен бүт нерсенин өсүмдүгүн өстүрөт, андан көгөргөн өсүмдүктөрдү, алардан болсо тизилген дандарды чыгаруудабыз. Жана курма дарагынын бүчүрүнөн да жерге самсаалаган бутакчалар, - бири-бирине окшогон жана окшобогон – жүзүмдөрдөн, зайтундан жана анардан бакчалар (кылуудабыз). Мөмөсүнө, түшүм бергенде жана жетилгенде бир карап көргүлө. Эч күмөнсүз, ыйман келтире турган бир коом үчүн мында чындыгында аяттар бар. (Энъам Сүрөсү, 99)**

# 4- БӨЛҮМ
# УРУКТАРДЫН ТАРАТЫЛЫШЫ

***Күмөнсүз, асмандардын жана жердин жаратылышында, түн менен күндүздүн кезек менен келишинде, адамдарга пайдалуу нерселер менен деңизде сүзгөн кемелерде, Аллах жаадырган жана аны менен жер жүзүн өлүмүнөн кийин тирилткен сууда, ар бир жандыкты ал жерде көбөйтүп-жайышында, шамалдарды соктурушунда, асман менен жер арасында моюн сундурулган булуттарды максаттуу (багыттап) башкаруусунда ойлонгон бир коом үчүн чындыгында аяттар (белгилер) бар. (Бакара Сүрөсү, 164)***

Өсүмдүктөрдөй кыймылсыз, ордунан жылбаган организмдердин өз уруктарын башка өсүмдүктөргө кантип жеткирээрин, урук таратуу процессинин кантип жүрөөрүн балким ушул күнгө чейин эч ойлонбогон болушуңуз мүмкүн. Бирок уруктуу өсүмдүктөр алгач пайда болгондон бери эч бир жардамга, эч бир кийлигишүүгө муктаж болбостон уруктарын ар кандай жол менен таратып келе жатышат.

Таратуу процесси жалпысынан төмөнкү баскычтардан турат: уруктанган гүлдөрдөн уруктар пайда болот. Булар кээ бир өсүмдүктөрдө жерге түшөт, кээ биринде шамал менен абага көтөрүлөт, кээ биринде болсо жаныбарларга жабышуу аркылуу айланага тарайт. Бирок бул өсүмдүк уруктарын таратуу системасынын абдан үстүртөн бир түшүндүрмөсү. Себеби муну тереңирээк караганда, өсүмдүктөр менен жаныбарлардын жашоосу менен түздөн-түз байланыштуу көптөгөн кубулуштарды көрөбүз.

Эң биринчиден, ар бир өсүмдүктүн уругу, мурдакы бөлүмдө айтылгандай, ар кандай формада болот. Бир уруктун же мөмөнүн формасына карап кандай жолоочулук кылаарын, б.а. кантип таратылаарын болжолдоого болот. Мисалы, кээ бир дарактардын эттүү, жумшак, түсү жана жыты жагымдуу болгон мөмөлөрү бар. Уруктары тамак сиңирүүгө чыдамкай, кабыгы калың болгон бул дарактар мындай өзгөчөлүгү менен канаттууларды жана башка жаныбарларды өздөрүнө тартышат. Кээ бир уруктардын болсо ийнелери, илмектери, ал тургай, кайырмак жана тикендери бар. Бул уруктар жүндүү жаныбарларга жабышып башка жактарга жетип алышат. Кээ бир уруктар шамалда топ-топ болгон түкчөлөр абалында саякат кылышат. Кээ бирлеринин канаттары бар же кичинекей үйлөнгөн шарларга окшошот жана ошондуктан уча алышат. Аба аркылуу жол тарткан уруктардын салмагы абдан жеңил жана ошондой эле формалары да абада учууга ыңгайлуу болушу керек. Кээ бир өсүмдүктөр көбөйүү үчүн уруктарын жерге төгүп коюшат. Кээ бирлери болсо уруктарын өздөрү ыргытып таратышат. Бул ыргытуу уруктун кабынын ичинде чоңойуу учурунда пайда болгон чыңалуунун кандайдыр бир себептен сыртка чыгышынан келип чыгат. Кээ бир өсүмдүктөрдө болсо уруктун кабыгы күндө кургаган соң жарылып ачылат жана урук жер бетине түшөт.

Бул жерге чейин айтылган мисалдардан уруктардын тарашында абдан терең пландалган бир системанын бар экенин көрүүгө болот.

Уруктардын таралышында көңүл бурган негизги жагдай – бул бөлүктөрү жана таратуу формалары кандай гана болбосун, бүт баарынын кемчиликсиз иштеши. Жаныбарлар тараткан уруктар дайыма алар аркылуу айланага тарайт жана бул системада бир үзгүлтүк келип чыкпайт. Шамал менен учкандар формасы оңтойлуу болгону үчүн дайыма учуп айланага тарашат.

Бул жерде эң көп көңүл бурган жагдай болсо, алдыда мисалдар аркылуу каралгандай, жаныбарлар да, өсүмдүктөр да бул процесстер учурунда абдан акылдуу иш-аракет жүргүзүшөт. Бул акылдын жана пландын булагы эмнеде? Албетте, бир гүлдүн же дарактын бир канаттуу же тыйын чычкан менен отуруп алып, бир таратуу системасын куралы деп чечим чыгарып, бул жандыктардын эмне кылаарын жана системанын иштөө долбоорун ортоктошуп түзүшү мүмкүн эмес. Өсүмдүктөрдүн өз алдынча көбөйүү планын түзүп, ошол планга ылайык бир система курушу да мүмкүн эмес. Бирок убактысы келгенде ар бир өсүмдүк көбөйүү процесстерин баштап, уруктарын пайда кылат жана аны талап кылынгандай таратат. Башка өсүмдүктөр да ушундай кезек менен, ушул системаны колдонуп иш-аракет жүргүзүшөт. Дүйнөнүн кайсы тарабында болбосун, бир түрдөгү өсүмдүктөр бирдей ыкманы колдонушат.

# Баллистика илимин билген уруктар

Кээ бир өсүмдүктөргө уруктарын таратуу үчүн өтө күчтүү болбогон таасирлер да жетиштүү болот. Бир жамгыр тамчысы түшкөндө же кандайдыр башка бир күчтүн таасири менен уруктарын абага учурган гүлдөр бар. Мисалы, кечки примула (энотера) гүлү уруктарын кургак кезде жабык капсулаларда сактайт. Бул капсулалар ным тийээр замат ачылып, кружка формасына келет. Мындай абалдагы уруктардын тарашы үчүн жамгыр тамчылары жетиштүү болот. Кына гүлү болсо бүт жол бойлорунда кездешкен сары, кызгылт сары жана күрөң темгилдүү гүлдөрү бар бир өсүмдүк. Бир нерсе тийгенде куралдан ок атылгандай болуп уруктарын айланага чачат.

Бирок бул жерде өтө кызыктуу бир жагдай бар. Белгилүү болгондой, өсүмдүктөр кыймылсыз болушат. Бир нерсени ыргытуу үчүн болсо сөзсүз энергия болушу керек. Бул энергия ичинде уругу бар мөмөнүн жалбырагындагы өзгөрүүлөрдүн натыйжасында пайда болот. Жабык бир урукту элестетиңиз. Ал уруктун мөмөсүнүн жалбырактары күндө кууратанда тырышат. Бул энергия пайда кылуучу бир өзгөрүү. Ошол сыяктуу, урук жамгырда суу болгондо шишиген мөмө жалбырактарынын тканьдарындагы өзгөрүү ыргытуу механизмине керектүү энергияга булак болот.[18]

Өсүмдүктөрдө ушул сыяктуу абдан так тең салмактуулуктарга таянган урук таратуу механизмдери бар. Өсүмдүктөрдүн уруктарды таратып баштоо убактысын туура белгилеши да абдан маанилүү. Муну Жер ортолук деңиз бадыраңын мисал катары алып карайлы.

# Жер ортолук деңиз бадыраңдарындагы рокета системасы

Жер ортолук деңиз бадыраңына окшогон өсүмдүктөр уруктарын таратуу үчүн өз күчтөрүн колдонушат. Жетилип баштаганда бул бадыраңдардын ичи жабышчаак бир суюктукка толуп баштайт. Суюктуктан келип чыккан басым барган сайын жогорулап, аягында өсүмдүктүн сабагы басымга чыдай албай жарылат. Сабагы жарылганда, абага атылган рокетанын артында калган изге окшоп ичиндеги суюктукту да сыртка учурат. Натыйжада суюктук менен бирге бадыраңдын уруктары да айланага тарайт.[19]

Бир караганда өсүмдүк жетилгени үчүн жарылгандай көрүнгөн бул процессте негизи абдан пландуу бир механизм бар. Эң биринчиден бадыраңга суюктук толуп башташы менен бадыраңдын жана уруктарынын жетилип башташы бир убакка туура келиши керек. Себеби система мурдараак иштеп баштаса, бадыраң уруктар жетиле электе жарылып эч бир ишке жарабайт. Бул болсо өсүмдүктүн көбөйө албашына, б.а. бул түрдүн жок болушуна себеп болот. Бирок өсүмдүктө жаратылган кемчиликсиз бир убакытты пландоо системасынын натыйжасында мындай коркунуч келип чыкпайт. Система дал керектүү учурда иштеп, уруктар айланага тарайт.

Убакыттын мындай так пландалышы уругун жардырып тараткан бүт өсүмдүктөргө тиешелүү. Өсүмдүктөрдөгү бул системанын катасыз иштеши бул система кантип пайда болгон деген суроону туудурат. Эң биринчиден, апачык көрүнүп тургандай, өсүмдүк көбөйүшү үчүн система толугу менен бар болушу керек. Эң башынан бүт баары толугу менен пайда болушу керек болгон бул механизмдерди жүздөгөн, миңдеген, ал тургай, миллиондогон жылга созулган өзгөрүүлөрдүн натыйжасында эволюция процесси менен келип чыккан деп айтуу акыл жана логикага сыйбайт. Себеби бадыраң, ичиндеги суюктук, уруктар, уруктардын жетилиши, бүт баары бир учурда пайда болушу керек. Бир нерсе кем болсо, өсүмдүк уруктарын тарата албай калат жана белгилүү убакыттан соң тукум курут болот. Болгондо да, бул системанын кайсы бөлүгүн чыгарып койбоңуз, баары бир жыйынтык өзгөрбөйт.

Апачык көрүнүп тургандай, бир уруктун таралуу этаптары дагы өсүмдүктөрдүн бүт бөлүктөрү менен бирге, эч кемчиликсиз пайда болгонун көрсөтүүдө. Мунун сокур кокустуктардын, туш келди жана аң-сезимсиз табият кубулуштарынын натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес. Өсүмдүктөр бүт нерсени жараткан Аллах тарабынан кемчиликсиз кылып жаратылган. Улуу кудуреттүү Аллахтан башка кудай жок. Акылдуу ар бир адам бул чындыкты унутпай жашап, ар бир ишинде Аллахты эстеши керек.

**Силердин Кудайыңар бир гана Аллах, Андан башка кудай жок. Ал илим жагынан бүт нерсени ороп-курчаган. (Таха Сүрөсү, 98)**

# Башка өсүмдүктөрдөн мисалдар

Бадал өсүмдүгү да өзүнөн өзү ачылуу ыкмасы менен көбөйүүчү өсүмдүктөрдөн. Бирок бул өсүмдүктүн системасы Жер ортолук деңиз бадыраңынын тескерисинче иштейт. Бул өсүмдүктүн уруктарынын кабыгы ичиндеги кандайдыр бир суюктуктун жардамы менен эмес, өсүмдүктөгү буулануунун натыйжасында жарылат. Бул кабыктын күндү караган бети күндүн ысыгынан көлөкөдө калган бетинен ылдамыраак куурап баштайт. Бул эки тараптын арасында бир басымдын пайда болушуна алып келет. Эң аягында кабык ортосунан экиге бөлүнүп, ичиндеги көптөгөн майда кара уруктар ар тарапка чачырайт.[20]

Хура дарагы (*Hura Crepitans*) болсо Бразилияга тиешелүү тропикалык бир дарак. Уруктары бир дюжина бөлмөчөдөн турган бир капсула формасында болот. Урук капсулалары күн нурунун астында катуу күч менен жарылышат. Хура дарагы уруктарын алыска учурууда эң ийгиликтүү дарактардан. Уруктарын таратуу убактысы келгенде аларды болжол менен 12 метр алыстыкка чейин учура алат. Бул жарылуудан соң айланага уруктар менен экиге бөлүнгөн кабыктар чачылат.[21]

# Гераньдардын натыйжалуу көбөйүү ыкмалары

Гераньдардын (*Geranium Pusillum*) көбөйүү ыкмасы абдан кызыктуу жана натыйжалуу. Бул өсүмдүк түрү жерде сойлоп кыймылдайт жана уруктарын ыргытуу (учуруу) механизмин колдонуп таратат.

Гераньдын мөмөсү чыныгы бир катапультадай иштейт. Мөмөлөр жетилип жатканда борбордо бир түркүк пайда кылышат. Бул түркүктүн айланасындагы алты даана мөмө жалбырагынын ар бири жаа формасындагы ийкемдүү бир тилкенин учунда жайгашат. Мөмөлөр жетилгенде уруктун кабыгында пайда болгон энергия менен бир заматта жаа сыяктуу карама-каршы тарапты көздөй ийрейишет. Натыйжада мөмө жалбырактарынын түбүндөгү бөлүктөрдө жайгашкан уруктар пушканын огундай болуп абага учушат. Белгилүү орбитада кыймылдаган уруктар жогору көздөй көтөрүлүп, алысыраак барып түшүшөт. Бул укмуш кемчиликсиз бир механизм. Бирок уруктар эң мыкты учушу үчүн уруктар турган бөлмө ачык болуп, ал жердеги уруктар эркин абалда болушу зарыл. Бул катуу соккон бир шамалдын уруктарды айланага чачып салышына себеп болушу мүмкүн. Бирок гераньдарда кемчиликсиз бир система бар. Мунун алдын алуу үчүн бул бөлүмдөрдүн босогосуна уруктарды бир аз ичкериде кармаган майда түктөр орнотулган.[22]

Дүйнөнүн кайсы тарабына барбаңыз, бул өзгөчөлүктөрдүн баары ушул күнгө чейин өскөн бүт гераньдарда толугу менен бар. Антпесе, герань көбөйө алмак эмес жана бул өсүмдүк тукум курут болмок. Гераньдардагы бул кемчиликсиз жана пландуу түзүлүштүн өзүнөн-өзү пайда боло албашы анык. Жер жүзүндөгү бүт жандыктарды эч кемчиликсиз кылып жараткан Аллах гераньдарды да терең план менен жараткан.

# Эродиум уруктарынын таң калтырган бурап кийирүү механизмдери

Гераньдар сыяктуу *эродиум* (*erodium*) өсүмдүгүнүн мөмөлөрү да моюнча аймагынан биригип, орток бир борбордо чогулушат. Сүрөттө көрсөтүлгөн мөмөлөрдүн ичинде уруктар болот. Өсүмдүк жетилгенде уруктарды кармап турган сабактар буралып, жерди көздөй узарып баштайт. Мына ушул жерде өсүмдүктөгү таң калтырган бурап кийирүү механизми ишке кирет. *Эродиум* уруктарынын аларды топуракка бурама (винт) сыяктуу киргизүүчү бир системасы бар. Бурап кийирүү системасы төмөнкү бөлүктөрдөн турат:

1- Жетилген уруктарда куйруктун үстүңкү бөлүгү тик боло тургандай буралат. Куйрук топуракка кирүү процессинде бир буроо (буралууну жеңилдете турган кол) кызматын аткарат.

2- Куйруктун астыңкы бөлүгү толгонгон (өрүлгөн) абалда болот жана топуракка ушундай абалда кийирилет. Бул бөлүк урукту жерге кийирүүдө мотор кызматын аткарат.

3- Куйрукту узун, жыш жана тикен сыяктуу түкчөлөр ороп турат. Булар жардамчы кызматчылар болуп саналат.

4- Урук ичинде сакталган баш болсо бураманын учтуу башына окшошот. Куйрук буроо таасирин пайда кылууда ушул жерге таянат.

5- Баштын үстүндөгү түкчөлөр кыска жана түз болот. Булар уруктун топуракка киришин жеңилдетет жана ошол эле учурда кайырмактын ийнесиндей болуп артка чыгышына да бөгөт койот.

Сүрөттө жерге бекитилген эродиум уруктары чагылдырылган.[23]

Бир өсүмдүктүн жумшак тканынын катуу топуракты бурамадай тешиши, албетте, кокустуктардын натыйжасы эмес. Аллах бул өсүмдүктө жараткан теңдешсиз система аркылуу бизге Өз чеберчилигин көрсөтүүдө. Аллахтын жаратууда эч бир шериги жок.

# Уруктарын шамал аркылуу таратуучу өсүмдүктөр

Шамал аркылуу тараган уруктар жеңил жана формалары да учканга ыңгайлуу болушу керек. Мисалы, көлөмү менен салмагы жаңгак же кокостой болгон бир урук уча албайт. Ошондуктан шамал менен тараган бүт өсүмдүктөрдүн уруктары абдан жеңил болуп, түк же канат сыяктуу формада болушат.

Ошондой эле, учкан уруктардын көпчүлүгү күздүн башында, б.а. күчтүү шамалдар болгон кезде жетилишет. Бул жерде шамалдардын чыгышы менен уруктардын жетилүү учурунун бир убакка дал келиши, албетте, көңүл бурат.

Уруктарын шамал аркылуу таратуучу өсүмдүктөрдүн дагы башкалар сыяктуу көптөгөн түрлөрү бар. Мисалы, Түндүк Африка чөлдөрүндө мөмөлөр менен уруктар же канаттуу же жеңил жана түктүү болушат. Түндүк чыгыш Судандагы Нуба чөлүндөгү жана Түндүк Америка чөлдөрүндөгү өсүмдүктөр мөмөлөрү менен уруктарын сыдырым желдер аркылуу таратышат. Ортоңку Чыгыш жана Түндүк Африкадагы өсүмдүктөр болсо топ сымал тоголок болуп, кургак убакта шамал менен айдалышат.[24]

Каакым, латук жана төө тикен уруктарын шамал аркылуу таратуучу өсүмдүктөрдүн кээ бирлери. Уруктарын шамалга тараттырган өсүмдүктөргө дагы бир мисал катары физалисти берүүгө болот. Физалис уруктары кагазга окшогон ичи абага толгон баштыктардын ичинде сакталат. Бул баштыктар кичинекей шарлар сыяктуу уруктардын шамалда учушуна шарт түзөт.

Бул жөнүндө берилген мисалдарды карап жатканда бир маанилүү жагдайды унутпаш керек. Бир өсүмдүк көбөйүү ыкмасын акырындап өзгөртө албайт, мисалы, жаныбарлар тарабынан топуракка көмүлүп көбөйүүчү бир өсүмдүктүн уругу убакыттын өтүшү менен, акырындап шамал аркылуу тарай турганчалык жеңил болуп кала албайт. Өрүктүн данеги сыяктуу оор бир уруктун арадан канча убакыт өтпөсүн, миңдеген, миллиондогон, ал тургай, миллиарддаган жылдар өтсө да, шамалда уча турганчалык жеңил бир урукка айланышы, четтеринде канатка окшогон нерселердин пайда болушу эч мүмкүн эмес. Мындай көз-караш логикага жана илимий чындыктарга эч бир жагынан туура келбейт. Себеби табиятта мындай өзгөрүүнү пландап, ишке ашыра турган бир аң-сезим, акыл жок. Табияттагы таш, дарак, топурак, жаныбарлар мындай нерсени пландай алышпайт. Өсүмдүктүн өзү дагы табияттын бир бөлүгү, жана уруктарын мындай пландуу өзгөртө турган жөндөмгө ээ эмес.

Бул чындыктарды ойлогонубузда, уруктардын эң алгач пайда болгондо эле азыркыдай өзгөчөлүктөрдө болгонун түшүнөбүз. Бул дагы уруктардын бир заматта жаратылгандыгын көрсөткөн миңдеген, ал тургай, миллиондогон далилдердин бири. Уруктардын атайын тараганга ыңгайлуу кылып пландалгандыгы апачык көрүнүп турат жана бул план чексиз илимдүү Аллахка тиешелүү.

Абада учуучу уруктардын учуу принциптерин изилдеген инженерлер *занония* (*zanonia*) уруктары жөнүндө абдан таң калыштуу бир жыйынтыкка келишкен. *Занония* уруктарындагы оордук (гравитация) борборун изилдеген инженерлер, эгер оордук борбору артка жылдырылган болгондо, уруктардын жайыраак кыймылдаарын аныкташкан. Бирок *занония* уруктары кемчиликсиз план менен жаратылгандыктан, эч кыйынчылыксыз алыстарга жете алышат.[25]

# Уруктардын учушун жеңилдетүүчү атайын түзүлүштөр

Шамал менен тараган өсүмдүк уруктарынын кыймыл жөндөмү уруктун чоңдугу, жерге болгон алыстыгы же шамалдан гана көз-каранды болбойт. Эң негизги факторлордун бири – бул, албетте, уруктардын атайын формалары жана кошумча түзүлүштөр. Учуучу уруктарды жалпысынан канаттуу, парашюттуу, чаң уруктар жана түктөрү бар уруктар деп топтоштурууга болот.

# Пропеллер канаттуу уруктар

Аба жолун колдонуп көбөйүүчү өсүмдүктөрдөн Европа клендорунун уруктарында вертолеттун пропеллерине окшогон абдан кызыктуу бир түзүлүш бар. Бул уруктардын бир тараптан гана чыккан канаттары бар. Бул канаттары менен, күчү жетиштүү бир шамал болгондо, өз огунда айланып башка жактарга жете алышат. Жетилген канаттар ичке кабыкча сыяктуу көрүнүштө болот жана үстүндөгү тамырлары менен бир чымын-чиркейдин канатына окшошот. Өз огунда айлана тургандай бир дизайнда болушу клен уруктарынын жерге түшүү ылдамдыгын азайтат. Эгер шамал жок болсо, уруктар спираль формасында кыймылдап (өз огунда айланып), акырындык менен жерге түшүшөт. Клендор өз аймагында сейрек тараганы үчүн, уруктануу (чаңдашуу) процессинде шамалдар эң чоң рольду ойнойт. Сыдырым соккон желде да өз огунда айлана алган вертолет уруктар бул касиетинен улам кээде канчалаган километрлик жолду басып өтө алышат.[26]

*Terminalia calamansanai* аттуу өсүмдүктүн канаттары болсо "V" формасында болот. Бул касиетинен улам сыдырым соккон желде кагаздан жасалган учактай болуп абада уча алат.[27]

# Парашют уруктар

Адамдар бийиктен секирүү үчүн колдонгон парашюттардын формасы атайын пландалып жасалган. Шамалды ичине топтой ала турган формасынан улам адамдын абада жүрүшүнө шарт түзөт. Кээ бир уруктарда да парашюттарга окшогон бир түзүлүш бар.

Парашют уруктар жетилээр замат дарактан жерге түшүшпөйт. Аларды алысыраак жактарга алып бара турган күчтүү шамалдардын чыгышын күтүшөт. Антпесе, эне дарактын жакын жерине түшкөндүктөн, чоңоюу мүмкүнчүлүгү азаймак.

Парашют уруктардын ылдамдыгы уруктун чоңдугунан жана парашютунда тешиктердин болуп болбошунан көз-каранды. Уруктун парашют сыяктанган бөлүгү канчалык чоң болсо, ылдамдыгы ошончолук жай болот. Ошондой эле, канчалык тешиктери аз болсо, абанын кыймылдарына ошончолук сезгич болот. Уруктардын мындай тешиктүү түзүлүшү *Silybum marianum* өсүмдүгүндөгү сыяктуу жөнөкөй жибектүү болушуна, төө тикендеги (*Cirsium occidentale*) сыяктуу түктүү болушуна же кум чөбүндөгү (*Scabiosa stellata*) сыяктуу кабыкчалуу түзүлүштө болушуна жараша өзгөрөт.[28]

Бул бир канча мисалдан да көрүнүп тургандай, парашют уруктардын терең пландалган өзгөчөлүктөрү бар. Анда уруктун ылдамдыгынын жогорулашы жана оңой кыймылдашы үчүн керектүү нерселердин баары бар.

Бул түзүлүштүн кокустан пайда боло албашын көрсөтүү үчүн мындай мисал берели. Адамдар колдонгон парашюттарды элестетиңиз. Булардын атайын бир долбоор менен жасалгандыгынан эч ким күмөн санабайт жана

эч ким буга каршы чыкпайт. Бир парашюттун өзүнөн-өзү пайда боло албашын баарыбыз билебиз. Парашютту башында ойлонуп долбоорун түзгөн бир киши болгон. Парашют жасоодо колдонула турган кездеменин жибин өндүргөн, ал жипти токуп кездемеге айландырган бир фабрика, анан ал кездемелерди бириктирген адамдар бар. Парашюттун абада баратканда ачыла турган механизми атайын план, долбоор менен жасалган. Туруп туруп эле бир кездеменин парашютка айланып, абада уча турган бир системалуу болуп калбашы айдан ачык.

Анда, парашют сыяктуу түзүлүштөрү, ал тургай, парашюттан алда канча комплекстүү механизмдери бар уруктар кантип пайда болгон? Тешиктеринин аз же көп болушу сыяктуу жагдайларды ким ойлонуштурган? Бул суроого жооп катары «булар уруктардагы маалыматтарда коддолгон» дегендер болушу мүмкүн. Бул жоопту айткан кишилер эң алгачкы уруктун кайдан чыкканын, кантип пайда болгонун, бул маалыматтардын уруктун ичине кантип жазылып калганын түшүндүрүп бериши керек. Эң алгачкы уруктун өзүнөн-өзү, кокустан бул маалыматтарга ээ болуп калышы мүмкүн эмес. Урукту түзгөн көзсүз жана аң-сезимсиз атомдордун бир күнү чогулуп алып, «биз урук деген бир нерсени жасайлы, ичине чоң дарактардын, бири-биринен кызыктуу өсүмдүктөрдүн, түркүн түстүү гүлдөрдүн, абдан даамдуу мөмөлөрдүн маалыматтарын коддойлу, андан соң бул урукту жер жүзүнө таратып, бүт дүйнөдө миллиондогон түрдүү өсүмдүктөрдү пайда кылалы» деген чечим чыгарышы мүмкүн эмес.

Албетте, акылдуу жана логикалуу бир адам мындай сөздү айта албайт. Бир парашюттун өзүнөн-өзү пайда боло албашы сыяктуу эле, парашютка окшогон уруктардын да өзүнөн-өзү пайда боло албашы, мынчалык пландуу түзүлүштөрдүн кокустан келип чыкпашы анык.

Эволюционисттер канчалык аракет кылышпасын, уруктардын пайда болушун кокустуктар менен түшүндүрө алышпайт. *Grains de Vie* аттуу эволюционисттик бир эмгекте парашюттуу уруктардын бул түзүлүшү «жообу табылбаган бир маселе» деп айтылган:

> Эволюциянын учканга мынчалык кылдат адаптация болгон колдонмо чекиттерди кантип пайда кылгандыгы **алигече жообу табылбаган бир маселе.**[29]

Бул сүйлөмдөн көрүнүп тургандай, эволюционисттер өздөрү ойлоп чыгарган «эволюция» деген абстракттуу, кыялдагы бир түшүнүктү өзүнчө бир күчтөй көрүп, эволюцияны бир нерселерди жасачу, планын, долбоорун түзүп, пайда кылчу күчү бардай көрсөткөн сөздөрдү айтышууда. Чындыгында болсо «эволюциянын» эч кандай күчү жок. Эволюциянын негизги кыймылдаткычы катары кабыл алынган кокустук болсо ээнбаш бир процесс жана анын кемчиликсиз системаларды жасай турган күчү жок.

Уруктар ичине керектүү маалыматтарды жазып койгон, кандай шартта жашай турганын, кандай системаларга муктаж болоорун билген бир күч тарабынан бул өзгөчөлүктөрү менен бирге жаратылган. Бул, албетте, эч теңдеши жок бир күч-кудурет жана бүт ааламдарды жараткан Аллахка тиешелүү. Аллах ааламды жаратып, кемчиликсиз бир план менен бүт баарын калыпка салган. Акылдуу ар бир адам ааламдагы тартип жана планга байкоо жүргүзүп, Аллахтын жараткан нерселери жөнүндө ойлонууга милдеттүү. Аллах Куран аяттарында Өзүнөн башка кудай жок экенин жана Ага ибадат кылуу менен гана кутулууга жетүүгө болоорун төмөнкүчө билдирген:

> **Биз силерди бош бир максат үчүн жаратты жана чындыгында Бизге кайра кайтпайбыз деп ойлодуңар беле? Чыныгы Малик Аллах өтө Улуу, Андан башка кудай жок; (Ал) Карим, Арштын Рабби. Ким жарактуу, анык бир далили жок туруп, Аллах менен бирге башка бир кудайга сыйынса, анын эсеби Раббиңдин Кабатында. Эч күмөнсүз, (Аллахты) тангандар (жокко чыгаргандар) кутулууга жете алышпайт. (Мүминун Сүрөсү, 115-117)**

# Чаң көрүнүшүндөгү уруктар

Апийимдердин жана арстан ооздордун мөмөлөрү шамалда чайпалганда айланага миңдеген ипичке уруктарды чачышат. Бул уруктар ушунчалык кичинекей болгондуктан, абада учкан чаңдарга окшошот. Бул өсүмдүктөрдө уруктар турган капсулалардын үстүңкү бөлүгүндө тешиктер болот. Тешиктерди туз салгычтын үстү жагындагы тешиктерге салыштырууга болот. Өткөн кылымдын башында туз салгычты ойлоп тапкан R.H. France да ушул өсүмдүктөрдөгү өтө мыкты жасалган системадан илхам алган.[30]

Орхидеялардын болсо үч урук кабынан турган капсулалары бар. Бул капсулалар жетилгенде айланага ипичке, майда уруктарын чаң чачкандай чачып жарылышат. Уруктардын эч салмагы жок. Эч кандай азык кампалары жок. Ал тургай, эмбрион да али толук жетиле элек болот. Өнө алуу үчүн орхидея уруктары абдан ыңгайлуу шарттарды табуулары зарыл. Бул алар үчүн бир ыңгайсыздык жаратпайт. Себеби орхидея уруктарынын саны укмуш көп.[31]

# Түккө окшогон уруктар

Парашюттуу уруктар сыяктуу, түктүүлөр да жерге түз түшүшпөйт. Эне өсүмдүктөн бөлүнүү үчүн шамалдын аларды кыймылдатышын күтүшөт. Бул уруктарга мисал катары клематисти (*Clematite*) берүүгө болот. Пампа чөбү (*Perbe de la pampa*) сыяктуу узун түктүү өсүмдүктөр болсо шамалда желектей желбирешет. Бул түктөрү аркылуу уруктар шамал менен алыстарга жете алышат.[32]

# Уруктарын суу аркылуу таратуучу өсүмдүктөр

Деңиздин же дарыянын жээгинде өскөн өсүмдүктөр уруктарын суу аркылуу таратышат. Мындай өсүмдүктөрдүн уруктары сууга чыдамкай өзгөчө түзүлүштө болушат. Суу өткөрбөгөн жана сууга чөкпөгөн, сууда көпкө саякат кылган соң да өнүү касиетин жоготпой турган өзгөчөлүктө, бекем болушат.

Уруктарын суу аркылуу таратуучу өсүмдүктөрдүн уруктарындагы суу өткөрбөө касиети калың жана жылмаланган сырткы катмардан келип чыгат. Сууда чөкпөө касиети болсо кээде бир аба бөлмөсү аркылуу, кээде көңдөйлүү губка сымал бир түзүлүш аркылуу, кээде болсо кичинекей уруктардагы сыяктуу беттик керилүүнү колдонуу аркылуу камсыз кылынат.

Кокос дарагы уруктарын суу аркылуу таратуучу өсүмдүктөрдүн бири. Урук транспорт коопсуздугу үчүн катуу бир кабыктын ичине жайгаштырылган. Бул катуу кабыктын ичинде узак бир сапар үчүн, суу да кошо, керектүү нерселердин баары даяр. Сырт тарабы болсо урукка суунун зыяны тийбеши үчүн абдан катуу бир токулган кабык менен оролгон. Кокос уруктарынын эң маанилүү касиеттеринин бири болсо – бул алардагы сууга чөктүрбөй турган аба боштуктары. Бүт бул касиеттеринен улам кокос уруктары жүздөгөн километрлик кеңири аймакка океан агымдары аркылуу тарай алышат. Урук жээкке жеткенде өнүп баштайт жана бир кокос дарагына айланат.[33]

Кокостор деңиз агымдары аркылуу жайылууда эң ийгиликтүү өсүмдүктөрдөн. Бул чоң сүйрү данек дүйнөнүн бүт тропикалык жээктеринде бар. Кокосту чөктүрбөй турган эң негизги себеп – бул анын жипчелүү бир мөмө болушу. Себеби өсүмдүктүн жипчелеринин арасына аба чогулат. Кокостун сырткы кабыгы түз, жылмаланган жана суу өткөрбөс болот. Бул касиеттеринен улам кокос суу бетинде айлар бою сүзүп жүрө алат.[34]

Тропикалык кеңдиктерде саякат кылган уруктардын дагы бири болсо – бул чоң буурчак уруктардан деңиз буурчактары. Абдан калың жана суу өткөрбөгөн сырткы кабыгы жана өтө узун жашай алуу касиетинен улам бул уруктар саякат кылган өсүмдүктөрдүн эң мыктыларынан болуп саналат. Уруктарындагы же уругу бар мөмөлөрүнүн ичиндеги аба бөлмөлөрү себептүү деңизге чөгүшпөйт. Деңиз буурчактарынын уруктары кокостордой чоң эмес жана башка жактарга жетүүдө бир гана дарыяларды колдонот.[35]

Мындан тышкары, *Caesalpinia bondu*c аттуу өсүмдүктүн уруктары да деңиз агымдары аркылуу абдан алыстарга чейин жете алат. Тоголок, боз түстөгү бул кичинекей урук калың кабыгынын астында жайгашкан аба бөлмөсү себептүү сууга чөкпөйт. Канчалаган жылдар бою деңизде жүрө алат жана ошончо убакыт бою өнүү касиетин жоготпой чыдай алат.

Тропикалык бир Африка өсүмдүгү *Entada gigas*тын уруктарынын формасы болсо жүрөк сыяктуу абдан кызыктуу. Уруктар абдан чоң көлөмдөгү эттүү бөлүктүн ичинде жетилет. Суунун жээгин бойлой өскөн бул өсүмдүк күчтүү жамгырлар аркылуу тарап, Атлантика океанына чейин жетет. Ошентип канчалаган жылга созулган сапарларга чыккан уруктар Европага, Мексика булуңуна жана Флоридага чейин барышат. Жана жеткен жеринде өнүп, жаңы бир өсүмдүккө айланышат.

Уруктарын суу аркылуу таратуучу дагы бир өсүмдүк түрү болсо – бул *Pancratium maritimum,* б.а. деңиз лилиясы. Жер ортолук деңиз менен Атлантиканын кумдуу жээктеринде кездешкен бул өсүмдүк бурч сыяктуу түзүлүштөгү кара жана укмуш жеңил уруктары аркылуу тарайт. Уруктардын сырткы кабыгы балыр сыяктуу түзүлүштө болот.[36]

*Настурция (кызгылт-сары түстүү гүлү бар бир жылдык өсүмдүк)* сымал өсүмдүктөрдүн уруктары гидрофобдук (суу өткөрбөс) бир жылма зат менен капталган. Бул жылма зат алардын суунун беттик керилүүсүн колдонушуна жана натыйжада сууга чөкпөшүнө шарт түзөт. Ошентип өсүмдүктөрдүн уруктары дарыялардан сүзүп өтө алышат.[37]

Сууну колдонуп уруктарын таратуучу өсүмдүктөр салмагын азайтуучу жана беттик аянтын көбөйтүүчү бир түзүлүштө болушат. Ичи абага толгон, суунун бетинде сүзгөн мындай түзүлүш көбүнчө мөмөлөрдө жана уруктарда кездешет. Сүзүп жүрүүчү кыртыштын бир канча түрү бар. Ичи абага толгон клеткаларда көңдөйлүү губка сымал түзүлүштөр же уруктун ичи клеткалардын арасындагы боштуктарды жок кыла тургандай абалда абага толгон түзүлүштөр түрүндө болушу мүмкүн. Уруктар мына ушундай түзүлүштөр себептүү сүзө алышат. Мындан тышкары, сүзүүчү кыртыштын сырткы кабыгы суу киргизбей турган болушу зарыл. Ошондой эле, өсүмдүктүн маалыматтары сакталган эмбрионду коргоо үчүн бир ички катмар болот.[38] Уруктардагы бул пландуу долбоорлор Аллах жер жүзүндө жараткан сансыз жаратуу далилдеринин бирөөсү гана.

Бул бөлүмдө берилген мисалдардан да көрүнүп тургандай, суу аркылуу көбөйүүчү өсүмдүктөрдөгү эң негизги өзгөчөлүк – бул уруктардын дал кургактыкка жеткенде ачылышы. Негизи бул абдан кызыктуу жана өзгөчө бир көрүнүш, себеби, белгилүү болгондой, өсүмдүк уруктары көбүнчө сууга тийгенде өнүп башташат. Бирок бул эреже сөз болуп жаткан өсүмдүктөргө тиешелүү эмес. Уруктарын суу аркылуу таратуучу өсүмдүктөрдүн уруктары бул жагдайда өзгөчө болушат. Эгер бул өсүмдүктөр да башкалар сыяктуу сууга тийээр замат өнүп баштаганда, алда качан тукум курут болушмак. Бирок алардагы механизмдер жашаган шартына ыңгайлуу болгондуктан, бул өсүмдүктөр жашап келе жатышат.

Жер жүзүндөгү бүт өсүмдүктөр өздөрү үчүн эң ыңгайлуу түзүлүштө болушат. Ар бир түргө тиешелүү өзгөчө касиеттер «кантип ар бир өсүмдүк түрүнүн муктаждыктары менен жашаган чөйрөсүнүн өзгөчөлүктөрү бири-бирине төп келишет жана бул өзгөчөлүктөр кантип пайда болгон?» деген суроолорду жаратат.

Уруктарын суу аркылуу таратуучу өсүмдүктөрдү мисалга алып карасак, бул өсүмдүктөрдүн кокустан пайда боло албашын дагы бир жолу толук түшүнөбүз. Бул өсүмдүктөрдүн уруктары сууда көпкө жүрө алуу үчүн

кадимкиден чыдамкайыраак болушу керек; ошондуктан кабыктары абдан калың жана эмбрионду суудан коргой турган атайын түзүлүштөрү бар. Мындай түзүлүштүн кокустан, өсүмдүктүн жеке аракети менен пайда боло албашы анык. Ошондой эле, уруктарга узун сапарда кадимкиден көбүрөөк азык керек болот жана бул уруктардын ичине дал керектүү өлчөмдө азык коюлат. Албетте, бул дагы кокустан келип чыкпай турган бир өзгөчөлүк. Бир өсүмдүктүн жолоочулук мөөнөтү менен азык муктаждыгын эсептеп, керектүү азык өлчөмүн уругунун ичине койо албашы анык. Бул өсүмдүктөрдүн уруктары, башка өсүмдүктөрдүн тескерисинче, сууда жүргөн кезде өнбөй, кургактыкка жеткенде өнүп башташат. Мындай убакыт планынын да кокустан келип чыгышы мүмкүн эмес.

Мындай кылдат эсеп жана өлчөмдөрдүн баары уруктарды жараткан, алардын бүт муктаждыктары менен өзгөчөлүктөрүн билген, чексиз акыл жана илим ээси Аллах тарабынан кемчиликсиз кылып жаратылган. Аллах бүт баарын бир чен-өлчөм менен жараткандыгын бир аятта төмөнкүчө кабар берет:

> **Жерге (келсек,) аны төшөп-жайдык, анда чайпалбас тоолор койдук жана анда бүт нерседен өлчөмү белгиленген түшүмдөр өстүрдүк. (Хижр Сүрөсү, 19)**

# Уруктарын башкаларга ташытуу аркылуу таратуучу өсүмдүктөр

Чөптөрдү аралап басканыңызда кийимиңизге жабышкан, итиңиздин жүндөрүнө жабышкан уруктар бул үчүн атайын түзүлүштө болушат. Ийнелер, илгичтер, илмек жана тикендер бул өсүмдүктөрдүн кыймылдаган нерселерге жабышышына шарт түзгөн түзүлүштөрдүн кээ бирлери. Кээ бир түрлөрдө болсо булардын ордуна жыты, түсү же даамы менен өзүнө тарткан мөмөлөр болот. Ал мөмөлөр жаныбарларды өзүнө тартуу, уруктарын аларга ташытуу үчүн атайын жасанып дизайн кылынгандай. Түсү, жыты, формасы жана көрүнүшү жагынан эң мыкты. Кант, суу, энергия жана минерал туздарга да бай болгондуктан, жаныбарларга бүт жагынан жагымдуу болуп саналат. Бул мөмөлөрдү жеген жаныбарлар уруктарды жылаңачтап өсүмдүктөрдүн көбөйүшүнө чоң салым кошушат. Ошентип өсүмдүктөр бул ташыгычтар аркылуу абдан кеңири аймактарга тарай алышат.

# Атайын коргоого алынган уруктар

Кээ бир өсүмдүк уруктарынын айланасында ичке коргоочу кабык болот. Жаныбарлар көбүнчө урукту эмес, ушул коргоочу жарым кабыкты жутушат. Бул өсүмдүк кабыгында эттүү көрүнгөн жана урукту көбүнчө толук оробогон кичинекей бир неоплазмага окшошот. Уруктарын ушундай жарым кабык (arille) менен коргоочу уруктардын кээ бирлери төмөнкүлөр:

Тис дарагы (*Taxus baccata*) күзүндө ток жашыл түстөгү көрүнүшү тикенге окшогон жалбырактары менен мыкты бир контраст жасаган жандуу кызыл түстүү абдан кооз кабыктар чыгарат. Булар абдан даамдуу кант даамы менен өзгөчө кара дрозддорду (чыйырчык сыяктуу куш) өзүнө тартышат. Бирок кара дрозддор тис дарагынын уругунун кабыгын жегенде даамы ачуу болгон урукту сөзсүз чыгарып салышат. Бул абдан маанилүү. Себеби урук өнүү үчүн сөзсүз тумшук соккулары менен тешилиши керек. Уруктарды дрозддор жутуп алса да, тамак сиңирүү каналдарында эч зыян тартышпайт, себеби кабыктары абдан бекем болот. Тистин уруктарында, ошондой эле, абдан күчтүү бир уу да бар. Бул зат октордун учуна өлтүрүүчү уу катары сүртүлөт жана мындан уулуу дары да жасалат. Анын курамындагы алкалоиддер жандыктын жүрөгүнүн токтошуна себеп болот. Булар ооруларды дарылоодо да көп колдонулат. Алардын эң негизгилери: морфин, стрихнин, атропин.

Бересклеттин (*euonytus sp.*) мөмөлөрүнүн көрүнүшү кызыктуу. Бул мөмөлөр ачылганда куштар үчүн абдан жагымдуу жана үч түстөн турган бир көрүнүш тартуулашат: ички бөлүгү ак, уруктары болсо кара. Мөмөнү ороп турган коргоочу жарым кабык болсо кызгылт сары түстө. Бересклет өсүмдүгү бул түстөрү менен ар кандай жаныбар түрлөрүн өзүнө тартат.

Австралияда өскөн акациянын уруктары азыкка бай кабыктары аркылуу тарашат. Алар түрүнө жараша кызыл, күрөң же ак жана, ошондой эле, узун же кыска да болушу мүмкүн. Кыска ак жана күрөңдөрү кумурскаларга азык болот. Буларды кумурскалар уюктарына ташышат. Кара түстөгү уруктар болсо кээде кабыгынан бөлүнүп, жолдо түшүп калышат. Ошентип уюкка жетпей сыртта калышат. Бирок көп уруктар жердин астындагы уюкка толтурулат. Ал жер болсо алар үчүн өнгөнгө эң ыңгайлуу тереңдик болуп саналат.

Кызыл түстөгү узун жарым кабыктарды болсо куштар жешет. Буурчакка окшогон мөмөлөрү ачылганда, уруктар жарым кабыктары менен асылган бойдон калышат жана сөөлжанга окшошуп, куштарды өзүнө тартышат.[39]

# Кумурскалар менен уруктардын арасындагы байланыш

Жогоруда айтылгандай, кээ бир өсүмдүктөрдүн көбөйүшү жаныбарлардан көз-каранды, себеби уруктарын жаныбарлар ташышат. Бул жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн арасында мыкты бир кызматташтык жана гармониянын бар экенин көрсөтөт. Мисалы айланасы майлуу, жегенге боло турган бир кыртыш менен оролгон бир урукту карайлы. Бир караганда кадыресе бир нерседей көрүнгөн бул майлуу кыртыш чындыгында өсүмдүктүн урпагынын уланышы жагынан өтө маанилүү. Себеби бул кумурскалардын бул өсүмдүккө кызыгышына себеп болот. Мындай өсүмдүктөр көп өсүмдүктөрдөн айырмаланып кумурскалар аркылуу көбөйүшөт.

Бүт өсүмдүктөр сыяктуу, бул түрдүн уругу да өнүү үчүн топурактын астына кириши керек. Ошондой эле, уруктун ички бөлүгүндө жайгашкан жана урукту өстүрүп чыгара турган бөлүк ачыкка чыгышы керек. Өсүмдүк бул муктаждыктарын өзү камсыздай албайт, буларды ал үчүн кумурскалар жасап берет. Бул өсүмдүктөрдүн уруктарындагы майлуу кыртыш ташыгыч кумурскалар үчүн өтө жагымдуу бир азык болуп саналат. Ошондуктан кумурскалар буларды болгон аракети менен топтоп уясына ташышат. Ошентип башында эч билбестен урукту топурактын астына көмүшөт.

Андан соң өсүмдүк үчүн маанилүү болгон экинчи бөлүк башталат. Кумурскалар уруктарды канчалаган кыйынчылык менен уясына ташыганына карабастан, кабыгын гана жеп, эттүү ички бөлүгүн калтырышат. Ошентип бир жагынан кумурска азыктанса, экинчи жагынан өсүмдүктүн уругу топурактын астына көмүлөт.[40]

Кумурска менен уруктун арасындагы мындай байланыш кантип келип чыккан?

«Кумурска муну билип туруп кылат», б.а. «өсүмдүк көбөйүшү үчүн эмне кылуу керек экенин билгендиктен, ушундай кылат» деп ойлоо, албетте, логикага туура келбейт. Же «кумурска бир күнү кокустан урукту көрүп калып, аны топурактын астына алып барып жеген, андан соң ал жерден бир өсүмдүк чыкканын көрүп, бул иш-аракетин улантып, айланасындагы кумурскаларга муну үйрөткөн, кийинки урпактарга да кандайдыр бир жол менен ушундай кылышыңар керек деп кабар берген» деген сыяктуу бир гипотеза чыгаруу да, албетте, акыл жана илимге такыр туура келбейт. «Өсүмдүк көбөйүү үчүн бул кумурска түрүнө жага турган өзгөчөлүктөрдү өзү үйрөнүп, уругун ошол өзгөчөлүккө алып келген жана кумурска менен бир жерде болууну пландаштырган» деп айтуу да илимий жактан бир тантырактык гана болуп саналат.

Бул байланыштын атайын пландалышы шарт. Себеби жер жүзүндөгү бул өсүмдүккө тиешелүү эң алгачкы уруктун көбөйүү үчүн башка бир механизми жок болчу. Жана эгер кумурскаларды кызыктыра албаганда, азыр бул өсүмдүк болмок эмес. (Эгер кумурскалар болбогондо, анда такыр эле жашоо ыктымалдыгы болмок эмес.) Бирок бул өсүмдүк жашап жатат, жана бул бизге апачык бир чындыкты көрсөтүүдө. Бул шайкештикти жасаган аң-сезим кумурскага да, өсүмдүккө да тиешелүү эмес. Бул аң-сезимдин булагы эки организмдин тең өзгөчөлүктөрүн билген, бул организмдерди бири-бирине пайдалуу кылып жараткан улуу Аллах. Аллах бүт жандыктардын Ага моюн сунаарын бир аятында төмөнкүчө кабар берет:

**Асмандарда жана жердегилер Ага тиешелүү; баары Ага «чын көңүлдөн моюн сунган» абалда. (Рум Сүрөсү, 26)**

# Агути менен Бразилия жаңгагынын ортосундагы байланыш

Түштүк Америкада өскөн Бразилия жаңгагынын (Bertholletia-Бертолетия) капсула ичиндеги уруктары токойдо жерге түшкөн соң белгилүү мөөнөткө жерде калышат. Себеби жаныбарларды кызыктыра турган эч кандай өзгөчөлүгү жок. Бул уруктардын жыты болбойт, сырткы көрүнүшү жагынан да башкалардын көңүлүн бурбайт, ошондой эле, сынышы да абдан кыйын. Бирок бул дарак көбөйүшү үчүн уруктардан турган капсулалардын ичиндеги жаңгактар сыртка чыгарылып, топурактын астына көмүлүшү керек.

Мындай кемчиликтей көрүнгөн өзгөчөлүктөрдүн эч бири Бразилия жаңгагына маселе жаратпайт. Себеби буларды жеңе турган өзгөчөлүктөгү бир жандык бар жана ал жандык Бразилия жаңгагы өскөн жерде жашайт.

Түштүк Америкада жашаган бир кемирүүчү түрү болуп саналган агути бул калың жана жытсыз кабыктын астында ал үчүн бир азык бар экенин билет. Агутилердин тиштери курч жана учтуу. Бул өзгөчө тиштери менен уруктардын катуу капсулаларын оңой эле сындырышат. Бир капсуланын ичинде болжол менен 20 чамалуу жаңгак болот. Бул агутилердин бир жегенинен бир топко көп. Агути жаңгактарды оозу менен көтөрүп барып, кичинекей тешиктерди даярдап, ал жерге салып үстүн көмүп койот. Агутилер жаңгактарды кийин жеш үчүн ушундай кылганы менен, көмгөн жаңгактарынын көпчүлүгүн кийин кайра таба алышпайт. Жана бул Бразилия жаңгагынын пайдасына болот. Ошентип дарактын уруктарынын көпчүлүгү топурактын астына көмүлүп, өнгөнгө даяр болуп калат.[41]

Көрүнүп тургандай, агутинин азыктануу ыкмасы менен Бразилия дарагынын көбөйүү ыкмасы бири-бирине абдан шайкеш келет. Мындай шайкештик кокустан пайда болуп калган эмес. Бул организмдер бири-бирин кокустан таап алган эмес. Бразилия дарагынын мындай аң-сезимсиз бир кокустуктун келип чыгышын күтүп отура турган убактысы жок; мындай мүмкүнчүлүгү да жок. Себеби бул дарактын көбөйүүсү эң алгач пайда болгон күндөн бери агутиден көз-каранды. Демек бул эки организм бири-бирине шайкеш кылып жаратылган.

Муну жакшыраак түшүнүү үчүн төмөнкүдөй мисал келтирүүгө болот: бир үйгө кирдиңиз дейли. Үйдүн ичинде бир телевизор жана жанындагы столдо бир телевизор пульту турган болсун. Пультту колуңузга алып, аны менен телевизорду күйгүзүп, каналдарды котордуңуз деп элестетели. Бул учурда кандай ойго келмексиз? «Бул пульт бул телевизорду башкара тургандай долбоорлонуп өндүрүлүптүр» деген ойго келет болушуңуз керек. Башка бир киши бөлмөгө кирип: «бул пульт да, телевизор да көп жылдардын ичинде кокустуктардын натыйжасында пайда болушкан жана кокустуктардын натыйжасында бири-бирине шайкеш болуп калышкан» десе, ал киши жөнүндө кандай ойго келет элеңиз? Бул адамдын акылы жайындабы деп күмөн санайт болушуңуз керек.

Бул жерде мисал келтирилген Бразилия жаңгагы менен агути аттуу кемирүүчүнүн арасындагы шайкештик бир телевизор менен пульттун арасындагы шайкештиктен алда канча татаал. Бул эки организмдин тең бүт системалары бири-бирине пайдалуу кылып пландалган. Жана, албетте, бир план бар болсо, аны түзгөн бирөө да бар.

Табиятта сансыз мисалдарын көрүүгө болгон мындай шайкештиктер, эч күмөнсүз, абдан улуу бир акылдын чыгармалары. Чексиз акыл ээси Аллах эки организмди тең бул өзгөчөлүктөрү менен бирге жараткан:

> **Жер бетинде ырыскысы Аллахка тиешелүү болбогон эч бир жандык жок. Анын жайгашуучу ордун да жана убактылуу турган жерин да билет. (Булардын) Баары апачык бир китепте (жазылуу). (Худ Сүрөсү, 6)**

# 5- БӨЛҮМ
# ӨСҮМДҮКТӨРДҮН ЖАНА УРУКТАРДЫН ЧЫДАМКАЙЛЫГЫ

***Жаратуучу – эч жаратпаган сыяктуубу? Эми сабак алып, ойлонбойсуңарбы? Эгер Аллахтын нематтарын (сый-жакшылыктарын) санайбыз десеңер, аларды топтоштуруу менен да санап бүтүрө албайсыңар. Чындыгында Аллах – кечиримдүү, ырайым кылуучу. (Нахл Сүрөсү, 17-18)***

Бүт өсүмдүктөр жашаган аймагынын климат шарттарына ылайыктуу түзүлүш жана өзгөчөлүктө болушат. Мисалы, кургак аймактардагы өсүмдүктөрдө кездешкен өзгөчөлүктөр башка түрлөрдө болбойт. Ошондуктан чөлдөн алынган бир өсүмдүк уюлдарда же тропикалык токойлордо, тропикалык токойлордон алынган бир өсүмдүк болсо уюлдарда же чөлдөрдө жашай албайт. Себеби тропикалык аймактардагы өсүмдүктөрдүн бүт түзүлүштөрү –жалбырактарынын чоңдугу, уруктарынын чыдамкайлык өзгөчөлүктөрү ж.б.- ушул аймактын шарттарына ыңгайлуу. Уюлдук аймактарда өскөн өсүмдүктөрдүн өзгөчөлүктөрү болсо уюлдардын шарттарына ыңгайлуу.

Бирок кээ бир өсүмдүктөр күтүүсүз келген оор шарттарга карата да абдан чыдамкай боло алышат. Ашыкча ысык аба, кургакчылык же тескерисинче күчтүү жаан-чачын жана суук аба өсүмдүктөрдүн чыдамкай болушун талап кылган шарттардан болуп саналат. Мындай күтүүсүз шарттарга туш болгон кээ бир өсүмдүктөр болсо бир «уйку» абалына өтүп, чыдамкайлык көрсөтүшөт.

# Уруктардагы уйку абалы

Өсүмдүктөрдүн көп билинбеген өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул, жогоруда айтылгандай, кээ бир өсүмдүк түрлөрүнө тиешелүү уруктардын абдан оор шарттарга чыдамкай болушу. Бул уруктар оор шарттар учурунда пландуу түрдө метаболизм (зат алмашуу) иш-аракеттерин азайтуу, б.а. кандайдыр бир мааниде уйкуга кирүү аркылуу чыдамкайыраак болуп калышат.

Уйку кубулушу биринчи кургатуу этабы менен башталат. Урук өзүндөгү сууну тканьдарынан чыгарып, уйкуга кирет. Жандуу өсүмдүк тканьдары 90%дан 95%га чейин суудан турса, уйкудагы уруктардын тканьдарында 5% же эң көп 15% гана суу болот. Бул процесс белгилүү бир кезек менен генетикалык контрольдун астында ишке ашырылат. Бул процессти ишке ашырууда негизги рольду абсциз кислотасы (абсцизовая кислота) аркылуу гормон ойнойт.[42] Бул гормон өсүмдүктүн өсүшүнө жолтоо болуучу гормондордун бири. Бул гормондон улам уруктун ичинде функциялар жайлайт. Уйку абалындагы бир уруктун клеткаларында дем алуу абдан азайып, азыктануу да, чоңойуу да болбойт.[43]

Он жылдап, ал тургай, жүз жылдап уйку абалында болуп, анан өнгөн уруктар бар. Мындай уйку абалы өсүмдүктөрдүн урпагын улантышында абдан зор мааниге ээ. Өсүмдүктөр дайыма бир жерде кыймылсыз тургандыктан, оор шарттарда жашай алышы үчүн мындай механизм сөзсүз болушу керек.[44]

Ушунчалык маанилүү бир өзгөчөлүк кантип пайда болгон? Шарттар оордошкондо, өсүмдүк уруктары кантип турган жеринде, б.а. топурактын астында андан кабардар болуп, керектүү чараларды көрүшөт? Уруктун көзү да, сааты да, нерв системасы да жок. Анда өсүмдүк ойгонуу убактысынын келгенин кантип эсептейт?

Эволюционисттер кээ бир өсүмдүктөрдө оор шарттарда жашашына шарт түзгөн мындай өзгөчөлүктөрдүн болушун «өсүмдүктөр жагымсыз периоддордо жашоосун кепилдикке алуу үчүн механизмдер иштеп чыгышкан» деген сыяктуу сүйлөмдөр менен түшүндүрүүгө аракет кылышат.

Бирок бул ойлоп көргөндө эч бир мааниси жок бир сүйлөм. Себеби тулку бою жыгачтан, жашыл жалбырактардан, гүлдөрдөн, тамырлардан турган бир дарактын же бир гүлдүн өз алдынча ушундай бир муктаждыкты сезип, ойлонуп, урукту уйкуга киргизе турган бир системаны ойлоп табышы, ал механизмди өзүнүн ичинде жасашы, андан соң ал үчүн керектүү генетикалык маалыматты коддоп, аны клеткаларына жазышы жана ал маалыматты келечек урпактарына өткөрүп бериши, албетте, мүмкүн эмес. Мындай көз-караш илимге да, акылга да сыйбайт.

Эволюционисттердин бул жөнүндөгү дагы бир жомогу болсо төмөнкүдөй: «эволюция процессинде ар бир өсүмдүк түрү **айлана-чөйрөнүн шарттары жөнүндөгү маалыматтарды эптүүлүк менен алып, акылына түйдү. Ал маалыматтар концентрацияланып, генетикалык материалдын ичине коддолду.** Уруктар мезгилдердин кезеги менен келээрин, топурактын түрү менен сапатын, аккан суунун жакын же алыстыгын, айланасында атаандаш түрлөрдүн бар же жок экенин, бош бир аянттын пайда болгонун **«таануу» жөндөмүнө ээ болушту.»**[45]

Бул сүйлөмдөр жөнүндө бир аз ой жүгүрткөндө, булардын да абдан логикасыз гипотезалар экенин заматта түшүнө алабыз. Бир өсүмдүктүн айланасындагы маалыматтарды «акылына түйүгүдөй» акылы же мээси жок! Же өсүмдүк өзүндөгү генетикалык материалдан кабардар болсо экен, ага жаңы маалыматтарды кошкудай. Же өсүмдүк акылы жана аң-сезими бар бир жандык болсо экен, айланасын «таанып билгидей»! Булардын баары өсүмдүктөрдүн Аллах тарабынан жаратылгандыгын кабыл алгысы келбеген эволюционисттердин чындыкка сыйбаган жомоктору гана.

Эволюционисттердин бул көз-караштарынын логикасыздыгынын дагы бир тарабы бар. Эволюционисттер өсүмдүктөрдөгү өзгөчөлүктөр убакыттын өтүшү менен кокустан болгон өзгөрүүлөрдүн натыйжасында келип чыккан дешет. Бул көз-караш боюнча, өсүмдүктөр көп жылдар бою уктоо жөндөмүнө жетүү үчүн арадан жүз миңдеген, миллиондогон, ал тургай, жүздөгөн миллион жыл өтүшү жана өсүмдүктөр муну ушунча убакыт бою оор шарттарга чыдап күткөн болушу керек. Бирок өсүмдүктөр мындай кыйынчылыкка чыдай алышпайт. Урук өнүп баштаган соң шарттар жагымсыз болсо, ал соолуп калат жана натыйжада ал өсүмдүк тукум курут болот.

Демек, оор шарттарга кабылган алгачкы урукка уктоо жөндөмүн тартуулай турган укмуштуу бир кокустук (муну керемет деп атоо туурараак болот) келип чыккан болушу керек. Мындай нерсенин эч качан болбой турганы, эволюционисттер бирден бир альтернатива катары чыгарган кокустуктардын жүз миллиондогон жыл мындай турсун, триллион эсе триллион жыл күтүлсө да, өсүмдүктүн генетикалык кодуна жаңы бир маалымат кошо албашы, уруктарга уктоо жөндөмүн же башка кандайдыр бир өзгөчөлүктү тартуулай албашы ар бир акылман адам үчүн апачык бир чындык.

Өсүмдүктөр жана аларды пайда кылуучу уруктар Аллах тарабынан азыркы өзгөчөлүктөрү менен бирге, кемчиликсиз кылып жаратылган.

**Жаратуучу – эч жаратпаган сыяктуубу? Эми сабак алып, ойлонбойсуңарбы? Эгер Аллахтын нематтарын (сый-жакшылыктарын) санайбыз десеңер, аларды топтоштуруу менен да санап бүтүрө албайсыңар. Чындыгында Аллах – кечиримдүү, ырайым кылуучу. (Нахл Сүрөсү, 17-18)**

# Люпин өсүмдүгүнүн божомолдоо жөндөмү

Бир адам асманды карап же башка ыкмаларды колдонуп аба ырайын божомолдой алат. Бир өсүмдүктө ушундай божомолдоо жөндөмү болушу мүмкүнбү?

Арктикалык тундралардагы люпин өсүмдүгү аба-ырайын божомолдойт жана ал божомолго карап эгер шарттар жагымсыз болсо өнбөй, топурактын астында уйкуга кирип, аба-ырайынын оңолушун күтөт.

Бул өсүмдүктүн уруктары чоңойуу үчүн жылдын белгилүү убактарында ысык абага муктаж болот. Уруктар температуранын жетишсиз экенин байкаганда, бир кереметтүү окуя болот, айлана-чөйрө башка шарттар жагынан ыңгайлуу болсо да, уруктар өнбөйт жана тоңгон топурактарда температуранын көтөрүлүшүн күтүшөт. Айланадагы шарттар толук жагымдуу абалга келгенде, арадан канчалаган убакыт өткөнүнө карабастан, люпиндин уруктары калган жеринен өнүүнү улантышат. Таштардын жаракаларында жүздөгөн жыл бою өнбөй, эч нерсе болбой ошол бойдон турган өсүмдүк уруктары табылган.[46]

Көрүнүп тургандай, урук сырткы чөйрөдөгү кубулуштардан кабары бардай болуп, кээ бир өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Бул абдан маанилүү болгондуктан, төмөнкү суроолорду кайрадан узаталы: сырткы чөйрө жөнүндөгү маалыматтар жердин астындагы урукка кантип жетет? Урук өз алдынча сырткы чөйрөдөн кабардар боло алабы, б.а. аба-ырайын өз алдынча болжолдой алабы? Уруктун ичиндеги бир механизм ага абал жөнүндө кабар берет. Урук ал кабардын негизинде бир жерден буйрук келгендей, бир заматта өрчүүнү токтотот. Анда, бул байланыш системасы кантип пайда болгон? Бул системаны өсүмдүк өзү ойлоп тапканбы? Бул системага керектүү техникалык каражаттарды өз организминде кантип пайда кылган?

Бул системаны, албетте, өсүмдүк өзү ойлоп тапкан эмес. Өсүмдүктүн өз алдынча мындай жөндөмгө жетип кала албашы анык. Өсүмдүк эң алгач пайда болгон кезден бери уругунда сакталып келе жаткан генетикалык маалыматта бул жөндөм коддолгон. Люпин өсүмдүгүндөгү суук абада өрчүүнү токтотуп койо алчу система ушул генетикалык коддо жазылган. Мындай коддолгон маалыматтын бир өсүмдүктүн клеткасында өзүнөн-өзү пайда болушу эч мүмкүн эмес. Эволюционисттер ойлоп чыгарган «эволюция процесси» канчалык көп убакытка созулбасын, ал процессте кандай гана кубулуштар болбосун, өсүмдүктүн уруктарына аба-ырайын билдирүүчү мындай система өзүнөн-өзү пайда боло албайт.

# Башка өсүмдүктөрдөн мисалдар

Мичиган университети тарабынан 1879-жылы башталган бир илимий изилдөөдө ар кандай өсүмдүк түрлөрүнүн уруктары банкалардын ичине салынып, сактап коюлган. Белгилүү убакыт аралыктары менен банкалардагы уруктарды өстүрүү эксперименттери жасалып турган. 1980-жылдары, б.а. бул эксперимент башталгандан 101 жыл өткөн соң уруктардын кээ бирлери өнгөн. Данияда 1978-жылы жүргүзүлгөн башка бир изилдөөдө топуракты казуу иштеринде 850 жыл кыймылсыз турган уруктардын өнгөнү байкалган.[47]

Ошол сыяктуу эле, *Mimosa glomerata*'нын уруктары кургатылган өсүмдүк коллекциялары сакталган бир идиште 220 жыл турган жана бул уруктар сууга тийээр замат өнгөн. Чыдамкай уруктарга дагы бир мисал катары 1942-жылы, Экинчи дүйнөлүк согуш учурундагы 147 жылдык Жибек акациясы же ленкор альбициясы (*Albizia*

*julibrissin*) аттуу өсүмдүктү берүүгө болот. Лондондогу British Museum'да сакталган бул урук өрт өчүрүү учурунда нымдалып, арадан ошончо убакыт өткөнүнө карабастан өнгөн.[48]

Тундра аймактарында абанын температурасы төмөн болгондуктан, бузулуу жайыраак болот. Кээ бир уруктар 10000 жыл болгон муз катмарларынан алып чыгылып, лабораторияда керектүү өлчөмдө жылуулук менен ным берилгенде, кайра жашоого кайта алууда.[49]

Урук – баарыбыз билгендей, ичинде белгилүү өлчөмдө азык сакталган жана сырткы кабыгы жыгачка окшогон бир нерсе. Ичинде температураны сезүүчү бир системанын болушу, сырткы дүйнөдөн маалымат ала алышы жана алган маалыматтарын анализдеп, ошого карап иш-аракет жүргүзүшү, албетте, кереметтүү көрүнүш.

Бирок, эволюционисттердин ою боюнча, уруктар бул системага кокустуктардын жардамы жана өз эрки менен ээ болуп калышкан. Ал тургай, алардын ою боюнча, уруктар жагымсыз шарттардын алардын чоңоюшуна жолтоо болоорун да билишет. Жагымсыз шарттарды көрөөр замат өнүүнү токтотуу үчүн эмне кылуу керек экенин билишет жана температура жетиштүү деңгээлге көтөрүлгөндө токтогон жеринен өнүүнү улантышат.

Албетте, мындай көз-караштар такыр акылга сыйбайт. Буларды уруктар өздөрү жасай алышпайт. Кичинекей бир жыгач аң-сезимдүү, мээлүү болуп, божомолдоо жөндөмүн колдонуп, мындай пландарды түзө албайт. Ошондуктан уруктардагы мындай кереметтүү механизмди эволюция теориясы айткан кокустуктар менен түшүндүрүүгө болбойт. Уруктар Аллах тарабынан ушундай өзгөчөлүктөрү менен бирге, оор шарттарга чыдамкай кылып жаратылышкан.

Эч күмөнсүз, ааламдардын Рабби Аллах кичинекей уруктарда бизге Өзүнүн бар экендигинин жана кудуреттүү жаратуу далилдерин көрсөтүүдө. Аллах каалаган учурда каалаган нерсесин теңдешсиз кылып жаратуучу. Анын жаратууда эч бир шериги жок.

> **Мына Раббиңер Аллах ушул. Андан башка кудай жок. Бүт нерсенин Жаратуучусу, демек Ага кулчулук кылгыла. Ал бүт нерсенин үстүндө бир өкүл. Көздөр Аны көрө албайт; Ал болсо бардык көздөрдү көрүп турат. Ал Латиф, (баарынан) Кабардар. (Энъам Сүрөсү, 102-103)**

# 6- БӨЛҮМ
# НЕГИЗГИ БАСКЫЧТАРДЫН БИРИ: ӨНҮҮ

***Жер бетинде бири-бирине жакын коңшу материктер бар; жүзүм бактары, эгиндер, бутактуу жана бутаксыз курма бактары да бар, булар бир эле суудан сугарылышат. Бирок түшүмдөрүндө (түшүмдүүлүк жана даамда) кээ бирин кээ биринен өйдө кылуудабыз. Шек жок, буларда акылын колдонгон бир коом үчүн чындыгында аяттар бар. (Рад Сүрөсү, 4)***

Уруктануудан (чаңдашуудан) пайда болгон бир уруктун өсүмдүккө айлануусундагы биринчи этап, мурдакы бөлүмдө каралгандай, анын керектүү жерлерге жетиши болуп саналат. Керектүү жерге жеткен соң өнүү этабы башталат. Бир урук жетилгенде көбүнчө кыймылсыз болот, ошол замат өнбөйт. Себеби урук өнүшү үчүн көптөгөн факторлор талап кылынат. Урук өнүшү үчүн ылайыктуу температура, нымдуулук жана кычкылтек керек. Бул шарттардын баары орундалганда, уйку абалындагы уруктар жанданып башташат. Булардын бирөөсүнүн орундалбашы өнүүнү токтотот.

Урук өнүшү үчүн эң биринчиден суу керек. Себеби жетилген уруктардагы эмбриондордо суу болбойт, зат алмашуу кайрадан активдүү абалга келиши үчүн, б.а. чоңойуу процесси башталышы үчүн клеткаларда нымдуулук болушу керек. Ошондой эле, чоңойууга керектүү ферменттердин активдүүлүгүнүн өсүшү да суудан көз-каранды. Уруктардын нымдалышы менен бул муктаждык камсыздалат. Уруктардын ойгонушу, б.а. зат алмашуунун ишке кириши менен бирге тамыр менен өсүндү да өсүп баштайт жана бул этапта клетканын бөлүнүшү башталат. Бир тараптан белгилүү функциялардын өзгөчө тканьдар тарабынан орундатылышы үчүн клеткалар өзгөчөлөнүп башташат.[50]

Бул этапта сөзсүз кычкылтек керек болот. Урук кычкылтекти дем алып ичиндеги азыктардан энергия менен жылуулук өндүрүп баштайт. Себеби өнгөн уруктан жаңы өсүмдүктүн бөлүктөрү пайда болушу үчүн энергия керек болот. Ылайыктуу температура болсо ферменттердин максимум ылдамдыкта иштешине шарт түзөт.[51]

Көрүнүп тургандай, урук чоңойуу үчүн энергияга, б.а. азыкка муктаж болот. Бирок уруктун топурактагы минералдарды тамырлары менен ала турган деңгээлге жеткенге чейин азыктана турган булагы жок. Анда урук чоңойууга керектүү азыкты кайдан табат?

Бул суроонун жообу уруктун түзүлүшүндө жашырылган. Мурдакы бөлүмдөрдө терең каралгандай, уруктануу учурунда урук менен бирге пайда болгон азык кампасы өсүмдүк өсүп, жер бетине чыкканга чейин уруктар тарабынан колдонулат. Уруктар өз азыгын өндүрө ала турган бир өсүмдүккө айланганга чейин өздөрүндөгү ушул камдалган азыкка муктаж болушат.

# Уйкудан ойгонгон уруктар

Жогоруда айтылган шарттар орундалганда, уруктун ичинде химиялык кээ бир процесстер жүрөт. Урук өнүүдөн мурда уйку абалында болот. Эмбрионду уйку абалында кээ бир өсүмдүк гормондору кармайт. Алардын эң негизгиси – бул абсциз кислотасы. Мындан тышкары, уруктардын кабыгы газ алмашууга бөгөт койо турганчалык жыш жана катуу болгондуктан, эмбриондун иш-аракетине бөгөт болуп, уйку абалында калышына себеп болот. Урук нымдалганда болсо уруктун кабыгы шишип, эмбриондун клеткаларындагы ферменттер ишке кирип, «гиббереллин» аттуу жаңы бир гормонду чыгарып башташат. Бул гормон уйку абалында калууга шарт түзгөн абсциз кислотасынын таасирин жокко чыгарат. Бул кислотанын таасири жоголгон соң тамак сиңирүү ферменттери (альфа-амилаза) ишке киришет. Бул ферменттер азык кампасынын ичиндеги крахмалды бөлүп кантка айландырат. Ал канттар эмбрион клеткалары тарабынан дем алууда колдонулат жана натыйжада клеткалардын бөлүнүшүнө керектүү энергия пайда болот.[52]

Адамдар бир урукту топуракка таштаганда, көбүнчө бул процесстерди эч билишпейт. Бир канча күндөн соң ал уруктун өнүшүнө жана акырындап бир өсүмдүккө айланышына болсо табигый көрүнүштөй карашат. Бирок жогоруда айтылган процесстер, көрүнүп тургандай, абдан комплекстүү. Алгач эң ыңгайлуу шарттар түзүлөт, андан соң бир катар химиялык процесстер ишке ашып, бир фермент экинчисине таасир берип, урукту өсүмдүккө айландырат. Адамдар бул кемчиликсиз системалар жөнүндө бир аз ой жүгүрткөндө, бул жерде улуу бир жаратуу чеберчилиги бар экенин түшүнүшөт. Себеби мынчалык эриш-аркак, бири болбосо экинчиси иштебеген системалардын сокур кокустуктардын натыйжасында пайда боло албашы анык. Болгондо да, бул комплекстүү система өнүү менен эле чектелбестен, мындан да кереметтүү процесстер менен андан ары уланат.

Керектүү шарттар түзүлүп өнүп чыгуу башталганда, урук топурактан сууну соруп, эмбрион клеткалары бөлүнүп баштайт, андан соң уруктун кабыгы жарылат. Өнүү процессинде уруктан эң алгач өсүмдүктүн тамырчалары чыгат. Өсүмдүктөрдөгү тамыр системасынын биринчи этабы болгон бул тамырчалар тынымсыз өсүп, топуракта төмөн көздөй узарышат. Тамырлар чоңойгон сайын топуракта кысылып, күчтүү бир сүрүлүүгө дуушар болушат, бирок мындан эч зыян көрүшпөйт. Себеби жаңы пайда болгон өсүмдүктүн тамырларынын учундагы клеткалар дайыма активдүү болушат. Жана эң учтагы клеткалар топурактын катуу бөлүктөрүнүн ичинде бараткан тамырды коргошот. Бул коргоочу катмардын (калиптра) артындагы клеткалар болсо өтө ылдам бөлүнүү (митоз бөлүнүү) касиетине ээ жана тамырды бир күндө болжол менен 11 сантиметрге чейин өстүрүшөт. Тамырчалар өрчүп бутактаган сайын, топурактан керектүү азыкты соро турган беттик аянты өсөт жана өсүмдүктүн топуракка бекем карманышына да шарт түзөт. Ошондой эле, тамырчаларда пайда болгон соргуч түкчөлөр да өсүмдүктүн топурактан керектүү заттарды соруп алуу жөндөмдүүлүгүнүн жогорулашында чоң роль ойношот.[53]

Тамырчалардын артынан бутак жана жалбырактарды чыгара турган бүчүрлөр өсүп чыгат. Урук топурактын үстүн, жарыкты көздөй багыт алып, тынымсыз күчтөнөт. Жер бетине чыккан өсүндүнүн биринчи чыныгы жалбырактары ачылганда болсо өсүмдүк фотосинтез аркылуу өз азыгын өндүрүп баштайт.

Бул жерге чейин айтылгандар негизи бүт адамдар абдан жакшы билген жана көп жолу байкаган нерселер. Уруктардын топуракты жарып ичинен чыгышы бүт адамдар үчүн абдан көнүмүш бир көрүнүш. Бирок урук чоңойуп жатканда негизи кереметтүү бир кубулуш болот. Салмагы бир канча грамм гана болгон бир урук үстүндөгү канчалаган килограммдык топуракты тешип, жогору чыгып жатканда эч кыйналбайт. Уруктун бир гана максаты бар: жер бетине чыгып күн нуруна жетүү. Өнүп баштаган өсүмдүктөр ипичке тулку бойлору менен бош бир жерде өсүп жаткандай жана үстүндө ошончо салмак болбогондой, эч кыйынчылыксыз акырындап күн нурун көздөй жол тартышат.

Топурактын астындагы уруктун жер бетине чыгуу жолу ар кандай ыкмалар менен тосулуп, күн нуруна жетишине жолтоо болуу үчүн эксперименттер жасалган. Эксперименттерден алынган жыйынтыктар абдан таң калтырган. Урук алдынан чыккан ар кандай тоскоолдуктун айланасынан айланып өтө турганчалык узун өсүндүлөрдү чыгаруу аркылуу же өскөн жеринде басым пайда кылуу аркылуу аягында баары бир күн нуруна жете алган. Уруктардын өсүү процессинин ылдамдатылган видеосунан өсүндүнүн чечкиндүүлүгүн жана багытынан жаңылбай күндү көздөй кыймылдаарын эң даана көрө алабыз.

Өсүп баштаган уруктардын максаты күн нуруна жетүү болгондуктан, өсүндүлөр дайыма жер бетин көздөй жол тартышат. Бирок өнгөн бир урук эки тарапты көздөй чоңойот. Өсүндү жогору көздөй, б.а. жердин тартылуу күчүнө терс багытта өсөт. Тамырлар болсо жердин тартылуу күчүн көздөй өсүп, топуракка терең сүңгүйт.

Бир өсүмдүктүн эки органынын бири-бирине толук карама-каршы багытта өсүшү, албетте, таң калыштуу. Тамырлар да, өсүндүлөр да кантип кайсы багытта өсөөрүн билишет?

Өсүмдүктөрдүн чоңойушунда күн нуру менен жердин тартылуу күчү багыт болуп берет. Уруктан чыккан биринчи тамыр менен өсүндү бул эки сигналга карата абдан сезгич системалар менен жабдылган. Жаңы өнгөн өсүмдүктүн тамырларында жердин тартылуу күчүнүн сигналдарын сезүүчү клеткалар болот. Жогору көздөй өскөн тулку бойдо болсо күн нурун сезүүчү клеткалар болот. Мына ушул клеткалардын күн нуру менен жердин тартылуу күчүнө карата сезгичтиги өсүмдүктүн бөлүктөрүн туура тарапка багыттайт. Бул эки сигнал тамырлар менен өсүндүнүн өсүү багыты эгер тик эмес, башка бир багытты көздөй бараткан болсо, багытын түздөшүнө да шарт түзөт.[54]

Өнүп баштаган уруктун дагы бир көңүл бурган тарабы бар. Белгилүү болгондой, топурактын чиритүүчү, бузуучу касиети бар. Бирок топурактын ичиндеги урук менен миллиметрдин жарымындай болгон ипичке тамырлар эч качан мындан жабыр тартышпайт. Тескерисинче, топуракты колдонуп, тынымсыз өсүп чоңойушат.

Бул жерге чейинки маалыматтарга кайрадан көз жүгүртсөк, бул жерде канчалык улуу керемет турганын байкайбыз. Урукту түзгөн клеткалар күтүүсүздөн бири-биринен өзгөчөлөнүп, өсүмдүктүн ар башка бөлүктөрүн пайда кылышат. Болгондо да, бир бөлүгү (тамыры) бир тарапты, экинчи бөлүгү (тулку бойу) болсо экинчи тарапты көздөй өсүп жөнөйт.

Келиңиз, тамырдын жердин тартылуу күчүнө карап топуракка терең сүңгүшүн, тулку бойдун болсо жер бетин көздөй өсүшүн дагы тереңирээк ойлонуп көрөлү. Сыртынан караганда абдан алсыздай көрүнгөн бул түзүлүштөрдүн эки багытты көздөй топуракты жарып өсүшү көптөгөн суроолорду туудурат. Эң биринчиден, бул жерде өтө маанилүү бир чечим алуу учуру бар. Бул чечим алуу учурун, б.а. клеткалардын өзгөчөлөнүп баштоо учурун аныктаган, аларга өсө турган багытын көрсөткөн ким же эмне? Ар бир клетка кайсы бөлүктөн орун алаарын кайдан билет? Эмне себептен эч башаламандык чыкпайт, мисалы тамыр клеткалары топурактын ичин көздөй гана өсүп, жер бетине чыгууга аракет кылышпайт?

Ушуга окшогон бүт суроолордун негизи бир гана жообу бар. Бул чечимди алып турмушка ашырган, башаламандык чыкпашы үчүн керектүү системаларды белгилеген жана өсүмдүктө буларды пайда кылган, албетте, өсүмдүктүн өзү эмес. Өсүмдүктү түзгөн клеткалар да буларды жасай алышпайт. Бир клеткада болжолдоо жана чечим алуу жөндөмү, аң-сезим, жарыкты же жердин тартылуу күчүн айырмалай ала турган бир акыл же мээ болушу мүмкүн эмес. Башка бир жандыктын кийлигишүүсү менен да бул системалар пайда боло албайт. Мисалы, бир адамга (өсүмдүктөр темасында дүйнөнүн эң билимдүү адиси болсо да) жердин тартылуу күчүн сезе турган бир өсүмдүк клеткасын жаса десеңиз, бул анын колунан келбейт.

Булардын баары бизге өсүмдүктөрдүн улуу илимдүү бир күч-кудурет тарабынан жаратылганын жана башкарылып тураарын көрсөтөт. Башкача айтканда, бул чечимди клеткаларга алдырткан, аларга аткарган кызматына жараша кайсы багытта өсүшү керек экенин көрсөткөн жана алардагы бүт системаларды жараткан улуу

акылдуу бир Зат бар. Теңдеши жок бул чексиз акылдын ээси – бүт ааламдардын Рабби Аллах. Аллах кургак жыгачка окшогон уруктардан кереметтүү процесстер менен ар түркүн өсүмдүктөрдү жаратып, ал өсүмдүктөр аркылуу жер жүзүндө жашоо берүүдө:

**Биз асмандан белгилүү өлчөмдө суу түшүрдүк жана аны жер жүзүндө жайгаштырдык; албетте, Биз аны (соолутуп) жок кылууга кудуреттүүбүз. Ошентип, аны менен силерге курмалардан, жүзүмдөрдөн бакчалар-бактар өстүрдүк, ичинде көптөгөн жемиштер бар; силер алардан жейсиңер. (Мүминун Сүрөсү, 18-19)**

# Өсүндүлөрдүн чечкиндүүлүгү

Урук жарылып ичинен өсүндү чыгышы үчүн абдан чоң күч керек болот. Бул күчтүн чоңдугун өсүндүлөрдүн асфальт жолдун четтерин жарып чыкканын эстегенде жакшыраак түшүнөбүз.

Бул күчтүн булагы – өсүмдүктү түзгөн клеткалардын ичиндеги гидравликалык басым. Өсүмдүк чоңойушу үчүн сөзсүз керек болгон бул басым клетканын капталын ийип, кеңейте алат. Эгер мындай касиети болбогондо, өсүмдүктөрдүн клеткалары чоңойо алмак эмес, б.а. урук өнө алмак эмес.[55]

Зор бир күч менен жер бетине чыгууга аракет кылган өсүндү, жогоруда да айтылгандай, дайыма эле ыңгайлуу шарттарга туш боло бербеши мүмкүн. Күндүн нурун тосо турган бир нерсенин астында калган өсүмдүктүн фотосинтез жасашы кыйындайт. Бул болсо өсүмдүктүн чоңойо албашына себеп болот. Ошондуктан топурактын астынан чыккан өсүндүлөрдүн баары жер бетине чыгаар замат өсүү багытын күн нурун көздөй өзгөртөт. Бул фототропизм деп аталат. Фототропизм – өсүмдүктөрдөгү күн нуруна карата багыт белгилөө системасынын бир көрсөткүчү.[56]

Үйүңүздөгү өсүмдүктөрдү (гүлдөрдү) караңгыраак же күндүн нуру түз тийбеген бир жерге койсоңуз, белгилүү убакыттан кийин күн нуру келген тарапты көздөй бурулганын көрөсүз. Ал үчүн кээде жалбырактарын чоңойтконуна жана жалбырактарынын багытын өзгөрткөнүнө, ал тургай, ийилип бүгүлгөнүнө күбө болосуз. Бир өсүндүнүн топурактан чыгаар замат же караңгы бир жерге коюлаар замат күндүн нуру келген тарапты аныктай алышы жана пландуу түрдө ошол багытты көздөй бурулушу таң калаарлык көрүнүш. Өсүмдүктөр күн нуруна жана жердин тартылуу күчүнө таянган катасыз багыт аныктоо жөндөмү себептүү бул ийгиликке эч кыйынчылыксыз жете алышат. Жаныбарлар менен адамдарга салыштырмалуу өсүмдүктөр күндүн нурун сезүүдө үстөмдүккө ээ. Себеби жаныбарлар менен адамдар көздөрү менен гана күндүн нурун биле алышат. Өсүмдүктөрдөгү багыт аныктоо системалары болсо абдан күчтүү. Ошондуктан эч качан багытынан жаңылышпайт.

Өнүү кичинекей бир нерседен узундугу бир канча метрге жана салмагы бир канча тоннага жеткен бир өсүмдүктүн пайда болушунун биринчи этабы болуп саналат. Акырындап чоңойгон өсүмдүктүн тамырлары жердин түбүн, бутактары жогору көздөй узарып баратканда, ичиндеги системалар да (азык ташуу системалары, уруктандыруучу системалар, өсүмдүктүн узарышын, жоонойушун жана булардын токтотулушун башкаруучу гормондор) баары чогуу пайда болот жана эч биринин пайда болушунда бир катачылык же кечигүү болбойт. Өсүмдүккө керектүү нерселердин баары бирдей өрчүйт. Бул абдан маанилүү. Мисалы, бир тараптан гүлдүн уруктануу (чаңдашуу) механизми өрчүп жатканда, экинчи тараптан транспорт түтүктөрү (азык жана суу ташуучу түтүктөр) пайда болот. Антпесе, мисалы гүл уруктануу механизми өрчүбөгөн бир өсүмдүктө суу жана азыктарды ташуучу флоэма же түтүктөрдүн болушунун эч бир мааниси болбойт. Анда тамырлардын пайда болушунун да эч мааниси болбойт. Себеби мындай өсүмдүк урпагын уланта албагандыктан, кошумча механизмдер эч бир ишке жарабайт.

Бирок өсүмдүктөрдүн өрчүшүндө мындай кемчиликтер болбойт. Бүт баары өз ордунда жана өз убактысында өрчүйт.

Бул жерге чейин айтылгандардан көрүнүп тургандай, өсүмдүктөрдөгү бири-бири менен тыгыз байланыштагы жана бири-бирине толук шайкеш келген бул кемчиликсиз системаларда эч качан кокустан пайда болбой турган бир план бар. Эволюционист илимпоздор айткан «акырындап этап этап менен пайда болуу, б.а. эволюция» көз-карашы башка организмдер сыяктуу, өсүмдүктөрдө да эч мүмкүн эмес.

Бул китепте каралган уруктагы кемчиликсиз түзүлүштөр бүт нерсени эң майда-чүйдөсүнө чейин билген жана пайда кылган бир Жаратуучунун бар экенин далилдейт. Өсүмдүктөрдүн жашоосунун эң биринчи этабы, б.а. уруктун пайда болушу дагы бизге улуу кудуреттүү Аллахтын теңдешсиз жаратуусун апачык көрсөтүүгө жетиштүү.

# 7- БӨЛҮМ
# УРУК БИР ЖАРАТУУЧУ ТАРАБЫНАН ЖАРАТЫЛГАН

***Көргөн жоксуңбу, Аллах асмандан суу түшүрдү, ошентип жер жүзү жапжашыл болду. Күмөнсүз, Аллах берешен, баарынан кабардар. (Хаж Сүрөсү, 63)***

Бул жерге чейин өсүмдүктөрдүн негизги бөлүгү болгон уруктардын жалпы өзгөчөлүктөрү, уруктуу өсүмдүктөрдүн кантип көбөйөөрү, б.а. урукtарын кантип таратаары жөнүндө сөз кылып, уруктардын ар кандай түрлөрүнөн мисалдар келтирдик. Уруктарда сакталган маалыматтын урматында миллиондогон жылдан бери өсүмдүктөрдүн эч өзгөрбөй топурактан чыгып келе жатышынын маанисине токтолуп, өсүмдүк түрлөрүнүн уруктарда жазылган маалыматтан келип чыгаарын баяндадык.

Бул маалыматтардан уруктарда кемчиликсиз пландалган бир түзүлүш бар деген жыйынтык келип чыгат. Анда, мынчалык кемчиликсиз системалардан турган уруктар кантип пайда болгон?

«Жер жүзүндөгү жандуу жана жансыз нерселердин баары, ааламдагы кемчиликсиз тартип кокустан пайда болгон» деген эволюция теориясы боюнча, өсүмдүктөр менен уруктар да кокустан пайда болушкан. Бирок эволюционист булактарды изилдегенде, уруктардын кантип эволюциялашканы жөнүндө так бир маалымат бере алышпаганын көрөбүз. Бул темадагы кайсы эволюционист китепти карабайлы, баарынан бир катар гипотезаларды, ал гипотезаларга таянып ойдон чыгарылган сценарийлерди, анык бир чечимге келе албаган жыйынтыгы жок теорияларды жана бул негизсиз көз-караштардын негизинде колдо тартылган, чындыкка сыйбаган сүрөттөрдү гана көрөбүз.

Бүгүнкү күндө табылган уруктардын фоссилдерин (калдыктарын) караганыбызда, эволюционисттер үчүн абалдын оор экенине күбө болобуз. Себеби урук фоссилдеринде уруктардын жаратылгандыгын көрсөткөн апачык далилдер бар. Мындан болжол менен 350 миллион жыл мурда (Девон доору деп аталган доордо) табылган урук фоссилдеринде да дал бүгүнкү күндөгүдөй коргоочу сырткы кабык, эмбрион жана азык кампасы бар.[57] Бул дагы уруктардын өзгөчө түзүлүшүнүн дал бүгүнкү күндөгүдөй өзгөчөлүктөрү менен миллиондогон жыл мурда да бар болгондугун жана ушул күнгө чейин эч өзгөрбөгөндүгүн, башкача айтканда, «эволюция» деген ойдон чыгарылган бир процесстен өтпөгөндүгүн апачык көрсөтүүдө.

Эволюционист эмгектерден да уруктардын пайда болушу жөнүндөгү туюктардын моюнга алынганын көп эле жолуктурууга болот. Алардын бири төмөнкүдөй:

> **Уруктардын кантип келип чыкканы жөнүндөгү маалыматтарда көп боштуктар бар.** ... чаңча бөлмөсүнүн узундугу жөнүндө, чаңча тамчысынын ролу жөнүндө, урук долбоорунун чоңойушунун кечиктирилиши жөнүндө, ... клетка челинин түзүлүшү жөнүндө изилдөө керек болгон дагы көп нерселер бар.[58]

Бул сүйлөмдөр бизге апачык бир жыйынтыкты көрсөтүүдө. Жер жүзүндөгү тирүү организмдердин башка өзгөчөлүктөрү сыяктуу эле, өсүмдүктөр менен уруктардын пайда болушу жөнүндө да эволюция теориясы чоң бир туюкта турат. Бул болсо бизге бул организмдердин Аллах тарабынан жаратылгандыгын көрсөтөт. Уруктардын дагы, алардан чыккан өсүмдүктөрдүн дагы бүт механизмдери, комплекстүү системалары жана таң калыштуу өзгөчөлүктөрү алар эң алгач пайда болгондон бери уланып келе жатат. Эволюционисттер колдонгон «акырындап өнүгүү, кокустуктардын натыйжасында өзгөрүүлөр, муктаждыктардын натыйжасында келип чыккан адаптациялар» сыяктуу терминдердин илимий эч бир негизи жок жана толугу менен жараксыз.

# ЖЫЙЫНТЫК

***Өлүк топурак алар үчүн бир аят (белги); Биз аны тирилттик, андан уруктарды чыгардык, ошентип андан жеп жатышат. Биз ал жерде курмалардан жана жүзүмдөрдөн бакчалар өстүрдүк жана ичтеринде булактар чыгардык. Анын түшүмдөрүнөн жана өз колдору менен жасагандарынан жеши үчүн. Дагы эле шүгүр кылышпайбы? Жерде өскөндөрдөн, алардын напсилеринен жана али билбеген канча нерселерден бардык жуптарды жараткан (Аллах абдан) Улук. (Йасин Сүрөсү, 33-36)***

Эволюционисттердин «тирүү организмдер кокустан пайда болгон» деген көз-карашынын логикасыздыгын акылын колдоно алган жана ойлоно алган ар бир адам оңой эле түшүнө алат. Күнүмдүк жашоодон буга бир мисал берели:

Компьютерде бир гүлдүн сүрөтүн тарткыңыз келсе, белгилүү программаларды колдоносуз. Ал программалар өз тармагында билим алып, адистешкен адамдар тарабынан түзүлгөн. Ошондой эле, компьютериңиз дагы ошол программаларды колдонуп, гүлдүн түсүн, андагы оймо-чиймелерди берүүгө ылайыктуу кылып долбоорлонгон. Бирок эң алдыңкы компьютер менен дүйнөдөгү эң мыкты программалар болсо эле гүл пайда болуп калбайт. Эң башынан ойлонсок, ал компьютерди иштетип, программаны ачып, керектүү буйруктарды берип гүлдү жасай турган бир киши сөзсүз болушу керек. Ошондуктан компьютердин экранындагы сүрөттү көргөн адам эч качан «бул сүрөт өзүнөн-өзү пайда болгон го» деп ойлобойт. Бул сүрөттү сөзсүз бир адамдын жасаганын билет. Компьютердин бир фабрикада өндүрүлгөнүн, бүт тетиктерин бир-бирден жасаган бирөөлөр бар экенин да анык билет.

Ошол сыяктуу эле, гүл идишинде өстүрүлгөн гүлдөрдүн, көчөдөгү чөптөрдүн, бакчадагы розалардын жана дарактардын да өзүнөн-өзү, кокустан пайда болушу эч мүмкүн эмес. Бул өсүмдүктөрдүн уруктарына өздөрү жөнүндөгү керектүү бүт маалыматтарды жазып, ал уруктардан көбөйүп башташы да мүмкүн эмес. Себеби уруктардагы маалыматтар сөзсүз бир акылды жана аң-сезимди талап кылат.

Абдан кемчиликсиз түзүлүштөгү, түркүн түркүн уруктарга өсүмдүктөр менен байланыштуу маалыматтарды жазып койгон, аларга белгилүү калып берген, кабыктарын, коргоочу челдерин жасаган, алардын ичинен бүт тарабынан кемчиликсиз өсүмдүктөрдү чыгарган абдан улуу бир күч-кудурет бар. Бул күч-кудурет бүт ааламдардын Рабби, бүт баарынан кабардар Аллахка тиешелүү. Аллах бүт өсүмдүктөрдү жараткан, алардын кебетесин (формасын) аныктаган, аларга жыт, даам, түс берген. Аллах бул чындыкты аяттарда төмөнкүчө кабар берген:

**Жана бири-биринин үстүнө тизилген бүчүрлүү, бийик курма дарактарын да. Кулдарга ырыскы болушу үчүн. Жана аны менен (ал суу менен) өлүк бир шаарды тирилттик. (Өлүмдөн кийин) тирилүү да мына ушундай болот. (Каф Сүрөсү, 10-11)**

# КОШУМЧА БӨЛҮМ: ЭВОЛЮЦИЯ ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ

***Асмандарды жана жерди эч нерсени өрнөк албастан жараткан. Анын кандайча баласы болсун? Анын бир түгөйү (аялы) жок. Ал бүт нерсени жараткан. Ал бүт нерсени билүүчү. Мына Раббиңер Аллах ушул. Андан башка кудай жок. Бүт нерсенин Жаратуучусу, демек Ага кулчулук кылгыла. Ал бүт нерсенин үстүндө бир өкүл. (Энъам Сүрөсү, 101-102)***

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жаратылуу (креационизм) чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. «Жандуулар жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгон» деген бул теория ааламда жана жандууларда абдан так бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши жана эволюциянын эч качан болбогонун көрсөткөн 450 миллионго жакын фоссилдин табылышы менен бирге кыйрады. Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Жаратуучу жараткан деген чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин көрсөттү жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан айтылууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүп, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

Эволюция теориясынын кыйраганын жана Жаратылуунун далилдерин көптөгөн эмгектерибизде бүт илимий тараптары менен карадык жана кароону улантуудабыз. Бирок бул өтө маанилүү тема болгону үчүн бул жерде да кыскача токтоло кетүү керек.

## Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири тарады. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Жаратуучу тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу боюнча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроолорго жооп бере алган эмес.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнүн тескерисинче, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

## Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетка кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылган жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издери фоссил булактарынан табылган жок деген суроолор теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда калп «эволюция процессинин» алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Ал «алгачкы клетка» кантип пайда болгон?

Эволюция теориясы Жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, «алгачкы клетка» эч кандай проект, план жана жөнгө салуусуз, табият мыйзамдарынын натыйжасында кокустан пайда болгон дейт. Башкача айтканда, бул теория боюнча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында бир клетканы пайда кылышкан. Бирок бул эң негизги биология мыйзамдарына да карама-каршы келет.

## «Жашоо жашоодон келет»

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй түзүлүшкө ээ деп ойлогон. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтандуу генерация» (өзүнөн-өзү пайда болуу) теориясы боюнча, жансыз нерселер кокустан чогулуп, жандуу бир нерсе пайда кыла алат деген ишеним бар болчу. Ал кезде коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири тараган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай коюп, бир аз күтсөк ал аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдошкон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү пайда болбойт, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгат.

Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялар жансыз нерселерден пайда болот деген ишеним илим дүйнөсүндө кеңири тараган эле.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер көптөгөн аракеттерди жасап, эксперименттер жүргүзгөн соң мындай деген:

«Жансыз заттар жашоону пайда кылышы мүмкүн деген көз-караш эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»[59]

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин ачылыштарына көп жылдарга чейин каршы турушту. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн көрсөткөндө, жашоонун өзүнөн-өзү келип чыкпашы айдан ачык болуп калды.

## 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары айткан көптөгөн тезистери аркылуу жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасаган. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип моюнга алууга мажбур болгон:

«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»[60]

Опариндин жолун ээрчиген эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттерди жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Стэнли Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында болгон деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен белоктордун түзүлүшүндө колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (аминокислоталарды) синтездеген.

Ал жылдары эволюциянын маанилүү бир көрсөткүчүндөй кабыл алынган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан такыр башкача экендиги көп өтпөй белгилүү болгон.[61]

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган.[62]

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бою уланган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу геохимик Джефри Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргендеги эң чоң чечилбеген маселебиз алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды?[63]

## Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык туюкка кабылышына эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуш татаал түзүлүштө болушу себеп болду. Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ. Натыйжада бүгүнкү күндө адамзат дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттарды чогултуп, жандуу бир даана клетканы да, ал тургай, клетканы түзгөн бир даана белокту да жасай албай жатат.

Бир клетканын пайда болушу үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Бирок муну тереңирээк кароонун да кажети жок. Себеби эволюционисттер клетка этабына

келгенге чейин эле туюкка камалышат. Себеби клетканын курулуш материалдарынын бири болгон белоктордун бир даанасынын да кокустан пайда болуу ыктымалдыгы математикалык жактан «0»гө барабар.

Мунун эң негизги себептеринин бири, бир белок пайда болушу үчүн башка белоктор да болушу керек; бул бир белоктун кокустан пайда болуу ыктымалдыгын толук жокко чыгарат. Ошондуктан ушул илимий чындыктын өзү эле эволюционисттердин кокустук түшүнүгүн эң башынан жок кылууга жетиштүү болот. Бул өтө маанилүү бир жагдай болгону үчүн кыскача токтоло кетели,

1. Ферменттерсиз белок синтезделе албайт жана ферменттердин өзү да белок.
2. Бир даана белок синтезделиши үчүн 100гө жакын белок кызмат кылышы керек. Ошондуктан белок пайда болушу үчүн башка белоктор керек болот.
3. Белокторду синтездеген ферменттерди ДНК өндүрөт. ДНК болмоюнча белок синтезделе албайт. Ошондуктан белок пайда болушу үчүн ДНК да керек.
4. Белокту синтездөө процессинде клеткадагы бүт органелллдер маанилүү кызматтарды аткарышат. Б.а. белок пайда болушу үчүн толук кандуу жана бүт тетиктери иштеген бир клетка бүт органелллдери менен бирге бар болушу керек.

Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоо каражаты болуп саналат. Эсептөөлөр боюнча, адамдын ДНКсындагы маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500 беттен турган 900 томдук бир китепкананы түзөт.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК бир канча атайын белоктордун (ферменттердин) жардамы менен гана жуптала алат. Бирок бул ферменттер да ДНКдагы маалыматтардын негизинде гана синтезделе алат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарат. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча моюнга алат:

Түзүлүшү абдан комплекстүү болгон белоктордун жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустан пайда болушу – ыктымалдуулуктан өтө алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышы такыр мүмкүн эмес деген жыйынтыкка барууга мажбур болууда.[64]

Эч күмөнсүз, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоонун жаратылганын кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты жаратылышты (натыйжада Аллахты) жокко чыгаруу болгон эволюция теориясын толук четке кагат.

## Эволюциянын ойдон чыгарылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку, теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүүдөн келип чыкты.

Дарвин эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да апачык көрүнүп турат: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшүндө табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулар аман калат деген көз-карашка таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик

тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашай алат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга, айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизминин эч кандай эволюциялык күчү жок. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде *«Пайдалуу өзгөрүүлөр келип чыкмайынча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»* деп айтканга мажбур болгон.[65]

## Ламарктын таасири

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип келип чыкмак? Дарвин ошол учурдагы примитивдүү илим түшүнүгү менен бул суроого Ламаркка таянып жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган француз биолог Ламарктын ойу боюнча, «жаныбарлар денесинде келип чыккан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берип, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болот» эле. Мисалы, Ламарктын ойу боюнча, «жирафтар жейрендерден пайда болгон, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка моюндары узарып кеткен».

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдарды келтирген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланган деп айткан.[66]

Бирок Мендель ачкан жана 20-кылымда өнүккөн генетика илими менен тастыкталган тукум куучулук мыйзамдары «денеде келип чыккан өзгөрүүлөр урпактарга берилет» деген жомокту толук четке какты. Натыйжада табигый тандалуу «жалгыз» жана толугу менен натыйжасыз бир механизм болуп калды.

## Неодарвинизм жана мутациялар

Дарвинисттер болсо бул абалдан чыгуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн (заманбап) синтетикалык теорияны» же болбосо кеңири тараган ысмы менен неодарвинизмди чыгарышты. Неодарвинизм табигый тандалууга «пайдалуу өзгөрүүнүн себеби» катары мутацияларды, б.а. жандыктардын гендеринде радиация сыяктуу тышкы факторлор же копиялоо катасы себептүү келип чыккан бузулууларды кошту. Бүгүнкү күндө илимий жактан жараксыз экенин билип туруп, дагы эле дарвинисттер неодарвинизм моделин жакташат. Бул теория жер жүзүндөгү миллиондогон жандык түрлөрү, ал жандыктардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», б.а. генетикалык бузуктуктарга таянган бир процесс натыйжасында келип чыккан дейт. Бирок теорияны чарасыз калтырган апачык бир илимий чындык бар: **мутациялар жандыктарды алдыга жылдырбайт, тескерисинче дайыма жандыктарга зыян берет.**

Мунун себеби өтө жөнөкөй: ДНКнын түзүлүшү өтө комплекстүү. Бул молекулага болгон ар кандай туш келди таасир ага зыян гана алып келет. Америкалык генетик Б.Г. Ранганатан муну мындайча түшүндүрөт:

Мутациялар кичине, стохастикалык жана зыяндуу болот. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир бербейт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүүгө себеп боло албашын көрсөтөт. Ансыз деле өтө өзгөчө бир организмдеги бир туш келди өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатынын өзгөрүшү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдык менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, аны кыйратат.[67]

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келээри аныкталды.

Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги белгилүү болду. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – бул рак оорусу). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

## Фоссилдер: өткөөл (ортоңку) формалардын жыты да жок

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугун көрсөткөн эң негизги далил болсо – фоссилдер (вулкан атылганда же башка себептен жаныбар, канаттуу же өсүмдүктөрдүн сакталып калган калдыктары).

Эволюция теориясы боюнча, бардык жандуулар бири-биринен келип чыккан. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Бул теория боюнча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга созулган узун убакытта жүргөн жана баскыч баскыч алдын көздөй уланган.

Андай болсо бул узун өзгөрүү процессинде сансыз көп «өткөөл формалар» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн замандарда балык өзгөчөлүктөрү бар туруп, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-канаттуу жашаган болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек. Эволюционисттер өткөн доорлордо жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды «өткөөл (ортоңку) формалар» деп аташат.

Эгер чындап эле мындай жандыктар өткөн замандарда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай, миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын фоссилдери сөзсүз табылмак. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

*Эгер теориям туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп өткөөл (ортоңку) формалардын түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери фоссил калдыктарынын арасынан гана табылышы мүмкүн.*[68]

Бирок бул сөздөрдү жазган Дарвин мындай ортоңку формалардын фоссилдеринин эч табылбаганын да билчү. Бул жагдайдын теориясы үчүн чоң бир туюк (тупик) экенин түшүнгөн. Ошондуктан, *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинин «Теориянын кыйынчылыктары» (Difficulties on Theory) аттуу бөлүмүндө мындай деп жазган:

Эгер чындап эле түрлөр башка түрлөрдөн акырын өнүгүү менен келип чыккан болсо, эмне үчүн сансыз ортоңку өткөөл формаларды жолуктурбай жатабыз? Эмне үчүн табият бир хаос абалында эмес, толугу менен белгиленген жана орду ордунда? Сансыз ортоңку өткөөл форма болушу керек эле, бирок эмне үчүн жер бетинин сансыз көп катмарында көмүлүү абалда таппай жатабыз... Эмне үчүн ар бир геологиялык түзүлүш жана ар бир катмар мындай звенолорго толо эмес?[69]

## Дарвиндин үзүлгөн үмүтү

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабынан кемчиликтүү жандык фоссилдерин

издешкени менен, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табылган жок. Казууларда жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер, эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойнуна алат:

Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкты көрөбүз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз.[70]

Башкача айтканда, фоссилдер бардык жандуу түрлөрүнүн ортосунда эч кандай өткөөл форма жок экенин, баарынын кемчиликсиз бойдон пайда болгонун көрсөтүүдө. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы келет. Тагыраак айтканда, бул – бүт жандыктардын жаратылганын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрү башка бир түрдөн («атасынан») эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда келип чыккан болсо, анда ал түр жаратылган болот. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же бүтүндөй толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, келип чыккан болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук бойдон пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудуреттүү бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.[71]

Фоссилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, «түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, Жаратылуу.

## Адамдын эволюциясы жомогу

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп адамдын пайда болушу жөнүндө сөз кылышат. Дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамдар маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан дешет. 4-5 миллион жыл мурда башталган деп болжонгон бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

*1- австралопитек*

*2- хомо хабилис*

*3- хомо эректус*

*4- хомо сапиенс*

Эволюционисттер адамдардын «алгачкы маймыл сымал атасын» «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Цукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө гана тиешелүү экенин жана адамдарга эч окшошпошун көрсөткөн.[72]

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Алардын айтуусу боюнча, хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп

табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө жок» деп бул чындыкты кабыл алат.[73]

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп тизип, бул түрлөрдүн биринчисин кийинкисинин атасындай көрсөтүшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү.[74]

Мындан тышкары, *хомо эректус* классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашап, *хомо сапиенс неандерталец* жана *хомо сапиенс сапиенс* (азыркы адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан.[75]

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стивен Джей Гулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул туюкту (тупикти) мындайча баяндайт:

Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү гоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын биринин экинчисинен келип чыкпагандыгы анык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.[76]

Кыскасы, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактап калууга аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана. Бул теманы көп жылдар бою изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана белгилүү илимпоздорунун бири Лорд Солли Цукерман, эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок деген жыйынтыкка барган.

Цукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчүн (шкаласын)» даярдаган. Илимий деп кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарын көздөй бир тизме түзгөн. Цукермандын бул таблицасы боюнча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Цукермандын ойу боюнча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» турат! Цукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

Объективдүү чындыктын чегинен чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фоссил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдар бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн.[77]

«Адамдын эволюциясы» жомогу теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын табылган кээ бир фоссилдерди өздөрү каалагандай чечмелешинен гана турат.

## Дарвиндин формуласы!

Буга чейин каралган бүт илимий далилдерден тышкары, кааласаңыз эволюционисттердин кандай нерсеге ишенээрин жаш балдар да түшүнө ала тургандай ачык бир мисал менен карайлы.

Эволюция теориясы жашоо (жандыктар) кокустан пайда болгон дейт. Ошондуктан бул акылга сыйбас көз-караш боюнча, жансыз жана аң-сезими жок атомдор чогулуп алгач клетканы пайда кылып, анан ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды пайда кылышкан. Эми ойлоп көрөлү: организмдин негизги материалдары болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди топтосок бир атом жыйындысы келип чыгат. Бул жыйынды кандай гана процесстен өткөрүлбөсүн, бир дагы жандыкты пайда кыла албайт. Кааласаңыз, бул боюнча бир «эксперимент» жасап, эволюционисттер жактаган, бирок ачык айта албаган көз-караштарды алардын атынан «дарвиндин формуласы» деп карап көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн чоң идиштердин ичине организмдин түзүлүшүндөгү фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай, кадимки шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болушун каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча аминокислота, каалашынча белок да кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн эң алдыңкы илимпоздорун коюшсун. Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай, триллиондогон жылдар бою идиштердин башында туруп күтүшсүн.

Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин пайда кыла алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да ала алышпайт.

Кыскасы, аң-сезими жок **атомдор чогулуп клетканы пайда кыла албайт.** Анан дагы бир чечим алып, бир клетканы экиге бөлүп, анан катары менен башка чечимдерди алып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өзүнүн клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп менен изилдеген профессорлорду пайда кыла алышпайт. **Затка Улуу Аллахтын жаратуусу менен гана жан кирет.**

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо акылга такыр сыйбайт. Эволюция айткан көз-караштар жөнүндө бир азга эле ойлонуу, жогорудагы мисалдан көрүнүп тургандай, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

## Көз жана кулактагы технология

Эволюция теориясы эч түшүндүрө албаган дагы бир нерсе болсо – бул көз менен кулактын өтө жогорку сапаты.

Көз темасына өтүүдөн мурда «кантип көрөбүз?» деген суроого кыскача жооп берели. Бир телодон келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылып, мээнин арт жагындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылымдын технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык тунук сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган тунуктук жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай тунук, даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, анан колуңуздагы китепти бир карап салыштырып көрүңүз. Экөөнүн арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты жагынан чоң айырманы байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү сүрөттөлүштү гана көрсөтөт,  көзүңүз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрсөтөт.

Көп жылдар бою он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштүн сапаты, тунуктугу төмөндөйт.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана тунук сүрөттөлүштү пайда кылуучу механизмди кокусунан пайда болгон дейт. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулуп, бул сүрөттөлүштү пайда кылуучу каражатты (телевизорду) пайда кылды десе сиз кандай ойго келесиз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, анда көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы анык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакаторунун жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процесси сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырт болот. Анткен менен, мээде эң тунук үндөрдү угабыз. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткан болот.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бою ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары – бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок ушунча технологияларга, ал технологияда иштеген миңдеген инженер жана адистерге карабастан, кулактай тунук жана сапаттуу бир үндү ала алышкан жок. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз

болсо да шуулдоо (шум) пайда болот же музыкалык борборду иштеткенде, музыка баштала электе эле бир шуулдоону угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан тунук жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шуулдоону пайда кылбайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул нерсе адамзат жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулактагы сапатка жете алган жок. Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, мындан тышкары, абдан маанилүү дагы бир чындык бар.

## Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринен бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтарды таба аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге да муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээнин ичиндеги бир канча $см^3$дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголонушу керек.

## Материалисттик ишеним (дин)

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий ачылыштарга толук карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү көз-карашы илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фоссилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан болбогонун көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Мунун себеби эмнеде?..

Мунун себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо бирден-бир материалисттик көз-караш катары жакташат.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

Биздин материализмге болгон бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөнү материалисттик түшүрдүрүүгө мажбурлаган нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөнү материалисттик түшүндүрө турган изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Теңир менен байланыштуу бир түшүндүрүүнүн чыгышына жол бере албайбыз.[78]

Бул сөздөр дарвинизмдин материалисттик философияны тутунуу үчүн сакталып турган бир догма экенин апачык көрсөтөт. Бул догма заттан башка эч нерсе жок деп эсептейт. Ошондуктан жансыз, аң-сезими жок зат жашоону пайда кылган деп ишенет. Миллиондогон түрдүү жандык түрлөрүн; мисалы, канаттууларды, балыктарды, жирафтарды, кабыландарды, курт-кумурскаларды, дарактарды, гүлдөрдү, киттерди жана адамдарды заттын өзүнүн ичиндеги факторлордун, б.а. жааган жамгырдын, чагылгандын натыйжасында жансыз заттан пайда болгон деп эсептейт. Бирок бул көз-караш акылга да, илимге да туура келбейт. Бирок дарвинисттер Аллахтын бар экенин кабыл албоо үчүн бул акылга жана илимге туура келбеген көз-карашты, караңгылык менен жакташууда.

Жашоонун келип чыгышын материалисттик бир стереотип менен карабаган адамдар болсо чындыкты көрүшөт: бүт жандыктар өтө кудуреттүү, илими, акылы чексиз бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бүт ааламды жоктон жараткан, эч кемчиликсиз кылып тартипке салган жана бүт жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

## Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң күчтүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала стереотипсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, акылы менен логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын чындыктан өтө алыс бир түшүнүк экенин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсок, булардын аралашмасынан убакыттын өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Фрэнк Синатра, Чарлтон Хестон сыяктуу искусство инсандары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишет. Болгондо да, мындай акылга сыйбас пикирге илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар ишенишүүдө. Ошол себептен, эволюция теориясын «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» деп атоо туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын адаштырган, акыл жана логика менен ойлонушуна жол бербей, көздөрүнүн алдына бир парда сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүшүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул байыркы египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан алда канча кооптуу жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында мындай акылсыздыкка Аллах Куранда ишарат кылган. Аллах кээ бир адамдардын аң-сезиминин жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Эч күмөнсүз, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө**

**тосмолор бар. Жана алар чоң азапка кабылышат. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**…Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар. (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах Хижр Сүрөсүндө болсо мындай адамдардын кереметтерди (мужиза) көрсө да, ишенбей турганын төмөнкүчө кабар берет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачып, ал жерден жогору көтөрүлүшсө да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып коюлду, балким бизди сыйкырлап коюшту окшойт» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турганчалык таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын эч ыктымалсыз сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жаратканына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда атеисттик философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын сыйкыр жолу менен адамдарга таасир берээрин Аз. Муса (ас) менен фараондун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге кабар берет. Аз. Муса (ас) фараонго акыйкат динди айтып бергенде, фараон Аз. Мусага (ас) өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз. Муса (ас) сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «чеберчилигиңерди» көрсөткүлө дейт. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келишти. (Араф Сүрөсү, 116)**

Көрүнүп тургандай, фараондун сыйкырчылары көз бойомочулуктар аркылуу –Аз. Муса (ас) менен ага ишенгендерден тышкары- бүт адамдарды сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаганына каршы Аз. Муса (ас) көрсөткөн далил алардын бул сыйкырын, аятта айтылгандай, «жутуп салган», б.а. жок кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) алардын бардык ойлоп тапкан нерселерин жутуп жатканын көрүштү. Ошентип чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аяттарда да айтылгандай, андан мурда адамдарды сыйкырлап алдаган бул кишилер кылгандарынын бир

көз бойомочулук экени белгилүү болгон соң, эл алдында уят болушкан. Азыркы күндө да сыйкыр жолу менен илимди жамынып өтө тантык көз-караштарга ишенип, аларды жактоого өмүрүн арнагандар, эгер бул ишин токтотушпаса, чындыктар толук белгилүү болгондо жана «сыйкыр бузулганда» уят болушат. Болжол менен 60 жашына чейин эволюцияны жактап, атеист бир философ болгон, бирок андан соң чындыктарды көргөн Малькольм Маггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте түшө турган кейпи жөнүндө мындай дейт:

Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири боloоруна толук ишендим. Келечек урпактар мынчалык негизсиз жана белгисиз бир гипотезанын кантип кабыл алынганына таң калышат.[79]

Бул күндөр алыс эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» кудай (жаратуучу) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын түшүнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенине таң калышууда.

**Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн башка биздин эч кандай илимибиз жок. Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү, өкүмдар жана даанышмансың.»**

**(Бакара Сүрөсү, 32)**

# БУЛАКТАР


1- Harry J. Fuller, *The Plant World*, s.85-86

2- www.britannica.com/bcom/eb/article/1/0,5716,120821 +4+111095,00.html

3- Malcolm Wilkins, *Plantwatching*, NewYork, Fact on File Publications, 1988, s.48

4- *Plantwatching*, s.48

5- Wilfred W. Robbins, T. Elliot Weier, C. Ralph Stocking, Botany, An Introduction to Plant Science, s.268)

6-http://www.healthy.net/asp/templates/book.asp?PageType=Book&ID=343

7-http://www.healthy.net/asp/templates/book.asp?PageType=Book&ID=343

8-http://www.healthy.net/asp/templates/book.asp?PageType=Book&ID=343

9- Françoise Brenckmann *Grains de Vie*, Le Monde Merveilleux Des Graines, s.31

10- Françoise Brenckmann *Grains de Vie*, Le Monde Merveilleux Des Graines, s.32-33)

11- Françoise Brenckmann *Grains de Vie*, Le Monde Merveilleux Des Graines, s.24

12- Plantwatching, s.44

13- Françoise Brenckmann *Grains de Vie*, Le Monde Merveilleux Des Graines, s.17

14- Mark Ridley, *Evolution*, Oxford University Press, 1997, s.293

15- Mark Ridley, *Evolution*, Oxford University Press, 1997, s.293

16- Harry J. Fuller, *The Plant World*, s.48-51

17- Françoise Brenckmann *Grains de Vie*, Le Monde Merveilleux Des Graines, s.86

18- Françoise Brenckmann *Grains de Vie*, Le Monde Merveilleux Des Graines, s.60

19- David Attenborough, *The Private Life of Plants*, Princeton Univ. Press, Princeton, New Jersey, s.15

20- David Attenborough, *The Private Life of Plants*, Princeton Univ. Press, Princeton, New Jersey, s.16

21- Françoise Brenckmann *Grains de Vie*, Le Monde Merveilleux Des Graines, s.62

22- Françoise Brenckmann *Grains de Vie*, Le Monde Merveilleux Des Graines, s.61

23- Françoise Brenckmann *Grains de Vie*, Le Monde Merveilleux Des Graines, s.61-62

24- www.britannica.com/bcom/eb/article/9/0,5716,68289 +1+66568,00.html

25- Alfred Stefferud, *The Wonders of Seeds*, s.68-69

26- David Attenborough, *The Private Life of Plants*, Princeton Univ. Press, Princeton, New Jersey, s.19

27- Françoise Brenckmann *Grains de Vie*, Le Monde Merveilleux Des Graines, s.54-55

28- Françoise Brenckmann *Grains de Vie*, Le Monde Merveilleux Des Graines, s.56

29- Françoise Brenckmann *Grains de Vie*, Le Monde Merveilleux Des Graines, s.56

30- Françoise Brenckmann *Grains de Vie*, Le Monde Merveilleux Des Graines, s.57

31- Françoise Brenckmann *Grains de Vie*, Le Monde Merveilleux Des Graines, s.57

32- Françoise Brenckmann *Grains de Vie*, Le Monde Merveilleux Des Graines, s.57

33- Solomon, Berg, Martin, Villie, *Biology*, Saunders College Publishing, s. 751

34- *Grains de Vie*, s.36-37

35- David Attenborough, *The Private Life of Plants*, Princeton University Press, Princeton, New Jersey, s.24

36- *Grains de Vie*, s.38-39

37- *Grains de Vie*, s.41

38-T.T. Kozlowski, *Seed Biology*, Academic Press, New York and London, 1972, s.194

39- *Grains de Vie*, s.53

40- David Attenborough, *The Private Life of Plants*, Princeton University Press, Princeton, New Jersey, s.24

41- David Attenborough, *The Private Life of Plants*, Princeton University Press, Princeton, New Jersey, s. 35

42- *Grains de Vie*, s.68

43- Musa Özet, Osman Arpacı, *Biyoloji 2*, Sürat Yayınları, s.138-141

44- Advanced Plant Physiology, Malcolm B. Wilkins, Longman Scientific & Technical, England, 1987, s.462

45- *Grains de Vie*, s.68

46- Raven, Evert, Curtis, *Biology of Plants*, World Publishers, New York, 1976, s.346

47- Solomon, Berg, Martin, Villie, *Biology*, Saunders College Publishing, s.680

48- Malcolm Wilkins, *Plantwatching*, New York, Facts on File Publications, 1988, s. 46-47

49- John King, *Reaching for The Sun*, 1997, Cambridge University Press, Cambridge, s.117

50- *Plantwatching*, s.47

51- Musa Özet, Osman Arpacı, Ali Uslu, *Biyoloji 3*, Sürat Yayınları, s.46

52-Solomon, Berg, Martin, Villie, *Biology*, Saunders College Publishing, s.766-768

53- Musa Özet, Osman Arpacı, Ali Uslu, *Biyoloji 3*, Sürat Yayınları, s. 48

54- Malcolm Wilkins, *Plantwatching*, New York, Facts on File Publications, 1988, 65-66

55- *Plant watching*, s.56

56- Helena Curtis, N. Sue Barnes, *Invitation to Biology*, Worth Publishers, Inc. s.356-357

57- Raven, Evert, Curtis, *Biology of Plants*, World Publishers, New York, 1976, s.326

58- *Seed Biology*, s.66

59. Sidney Fox, Klaus Dose, *Molecular Evolution and The Origin of Life*, New York: Marcel Dekker, 1977, s. 2.

60. Alexander I. Oparin, *Origin of Life*, (1936) New York, Dover Publications, 1953 (Reprint), s. 196.

61. "New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", *Bulletin of the American Meteorological Society*, c. 63, Kasım 1982, s. 1328-1330.

62. Stanley Miller, *Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules*, 1986, s. 7.

63. Jeffrey Bada, *Earth*, Şubat 1998, s. 40.

64. Leslie E. Orgel, *The Origin of Life on Earth*, Scientific American, c. 271, Ekim 1994, s. 78.

65. Charles Darwin, *The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition*, Harvard University Press, 1964, s. 189.

66. Charles Darwin, *The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition*, Harvard University Press, 1964, s. 184.

67. B. G. Ranganathan, *Origins?*, Pennsylvania: The Banner Of Truth Trust, 1988.

68. Charles Darwin, *The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition*, Harvard University Press, 1964, s. 179.

69. Charles Darwin, *The Origin of Species*, s. 172, 280.

70. Derek A. Ager, "*The Nature of the Fossil Record*", Proceedings of the British Geological Association, c. 87, 1976, s. 133.

71. Douglas J. Futuyma, *Science on Trial*, New York: Pantheon Books, 1983. s. 197.

72. Solly Zuckerman, *Beyond The Ivory Tower*, New York: Toplinger Publications, 1970, ss. 73-94; Charles E. Oxnard, "*The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt*", Nature, c. 258, s. 389.

73. J. Rennie, "*Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr*", Scientific American, Aralık 1992

74. Alan Walker, *Science*, c. 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, *Physical Antropology*, 1. baskı, New York: J. B. Lipincott Co., 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, c. 3, Cambridge: Cambridge University Press, 1971, s. 272.

75. *Time*, Kasım 1996.

76. S. J. Gould, *Natural History*, c. 85, 1976, s. 30.

77. Solly Zuckerman, *Beyond The Ivory Tower*, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 19.

78. Richard Lewontin, "*The Demon-Haunted World*", The New York Review of Books, 9 Ocak, 1997, s. 28.

79. Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s. 43.

## АРТКЫ БЕТ

Ар бир адам урукту тааныйт, эмнеге окшошоорун билет, өсүмдүктөрдүн уруктардан чыгаарын да билет. Бирок кичинекей жыгач бөлүгүнө окшогон бир нерседен бири-бирине окшогон жана окшобогон ар түркүн өсүмдүктөрдүн кантип чыгаарын, өсүмдүктөр жөнүндөгү маалыматтардын уруктарга кантип жазылганын, ал маалыматтардын кантип бир-бирден коддолгонун балким эч ойлонбогон чыгаар.

Тактайга окшогон бир нерседен кантип курамындагы канты эң туура өлчөнгөн, жыты, даамы менен өзүнө тарткан, жагымдуу мөмөлөр чыгат? Урук өзү даракты чыгарып, даракка мөмөлөрдү тизип койобу? Мөмөлөрдүн же гүлдөрдүн тышкы көрүнүшү менен түсүнүн кандай болоорун урук чечкенби? Дарак менен байланыштуу маалыматтардын баарын ичиндеги эмбрионго урук өзү жазып алганбы?

Бул китепте жогорудагы суроолордун баарына жооп берилип, уруктардын Аллахтын чексиз кудуретине далил болоору жана алардагы кереметтер каралган.

## АВТОР ЖӨНҮНДӨ

Харун Яхья деген атты колдонгон Аднан Октар 1956-жылы Түркиянын Анкара шаарында төрөлгөн. 1980-жылдардан бери ыймандык, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектерди жазган. Мындан тышкары, автордун эволюционисттердин көз бойомочулуктарын, көз-караштарынын жараксыздыгын жана дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон тымызын байланыштарын ачып көрсөткөн өтө маанилүү эмгектери бар.

Автордун бүт эмгектериндеги негизги максат – бул Куранды дүйнөгө жеткирүү, жана натыйжада адамдарды Аллахтын бар экени, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыймандык темалар жөнүндө ойлонууга чакыруу жана атеисттик системалардын чирик пайдубалдарын жана туура эмес иш-аракеттерин көз алдыга тартуулоо. Автордун бүгүнкү күнгө чейин 73 тилге которулган 300дөн ашуун эмгеги дүйнө жүзүндө өтө көп окурмандар тарабынан окулууда.

Харун Яхья эмгектер жыйнагы, Аллахтын уруксаты менен, 21-кылымда дүйнө жүзүндөгү бүт адамдардын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик менен тынчтыкка, чынчылдык менен адилеттүүлүккө, сулуулук менен бактылуулукка жетишине бир себепчи болот.